**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы**

# Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама

## 2012-жылдын III чейреги

**2012-жылдын ноябрь айы**

**Бишкек**

***Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама***

Редакциялык кеңеш:

Төрага: Абдыбалы тегин С.
Кеңештин мүчөлөрү: Урустемов С.А.
Исакова Г.А.
Бердигулова А.Р.

Жооптуу катчы: Айдарова А.К.

Басылманын мазмунуна байланыштуу маселелер боюнча:
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча,
(996 312) 669 051 телефону,
(996 312) 610 730 факсы
aaidarova@nbkr.kg электрондук дареги боюнча кайрылсаңыздар болот.

Басылманын таркатылышына байланыштуу суроолор боюнча:
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Тышкы жана коомдук байланыштар бөлүмүнө
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча,
(996 312) 66-90-09 телефону,
(996 312) 61-07-30 факсы аркылуу кайрылсаңыздар болот.
Электрондук почта: pr@nbkr.kg
http://www.nbkr.kg

Басылма, республикадагы жана анын региондорундагы керектөө бааларынын динамикасынын чагылдырылышын жана инфляциянын негизги факторлорун иликтөөлөрдү, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акча-кредит саясат жагындагы чечимдери жөнүндө маалыматты камтыйт жана анда келерки мезгилге инфляциялык болжолдоолор келтирилет. Чейрек сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

Басылманын маалыматтарын жаңыртуунун акыркы күнү: 2012-жылдын 1-ноябры.

Уюштуруучу: Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.

Басылма, Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинде каттоодон өткөрүлгөн, жалпыга маалымдоо каражаттарын каттоо жөнүндө 628-номериндеги күбөлүккө ээ.

ЖЧК "Издательство "Позитив" полиграфия комплексинде басууга даярдалды жана басылып чыгарылды.
100 нускада чыгарылат.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2012-жыл.

Басылма, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксатысыз кайрадан басылып чыгарылууга жана кайсыл формада жана кандай каражаттар аркылуу болбосун, таркатылууга тийиш эмес. Басылманы көчүрүп басууда жана которууда «Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама» басылмасына милдеттүү түрдө таянуу зарыл.

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын басылмалары

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету***

Аталган басылма, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын өткөн жыл ичинде бүткөргөн иши жөнүндө отчету болуп саналат. Ал республиканын экономикалык өнүгүүсү, Улуттук банктын акча-кредит саясаты жөнүндө кыскача маалыматты, финансылык отчетун, Улуттук банк жөнүндө жалпы маалыматтарды, статистикалык тиркемелерди камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде басылып чыгарылат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени***

Ай сайын чыгарылуучу маалыматтык басылма, Кыргыз Республикасынын негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрү жана экономика секторлору боюнча статистикалык маалыматтарды камтыйт. Ай сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми***

Басылма, Кыргыз Республикасынын тышкы секторунун өнүгүшүндөгү тенденцияларды жана төлөм теңдеми, тышкы соода, эл аралык камдар, тышкы карыз, эл аралык инвестициялык позиция боюнча маалыматтарды камтыйт. Басылма, чейрек сайын – январь, май, июль жана октябрь айларында кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

***Банк тутумунун өнүгүү тенденциялары***

Финансылык ортомчу катары Кыргыз Республикасынын банк тутумунун өнүгүшүнө иликтөөлөрдү жүргүзүү, турукташууга жетишүүдө жана аны колдоп турууда орун алган тоскоолдуктарды, ошондой эле бүтүндөй банк тутумунун турукташуусунун курамдык элементтерине баа берүү, аталган басылманын максаты болуп саналат. Басылма, жарым жылда бир жолу кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары***

Басылма, коммерциялык банктарга жана коомчулукка Улуттук банктын иши жөнүндө маалыматтарды жарыялап туруу жана Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарын пропагандалоо максатында, Улуттук банктын ченемдик актыларын расмий жарыялоого багытталган. Айына бир жолу кыргыз жана орус тилдеринде чыгарылат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын пресс-релизи***

Улуттук банктын пресс-релизи жалпыга маалымдоо каражаттары, юридикалык жактар жана жеке адамдар үчүн Улуттук банкка жана банк тутумуна тиешелүү окуялар түрмөгүн жана финансы рыногунда апта ичинде болуп өткөн орчундуу жана башка маалыматтарды камтыйт. Апта сайын кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланат.

**МАЗМУНУ**

1-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛ..........................5

1.1. Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр рыногундагы суроо-талап жана сунуш.................5
1.1.1. Суроо-талап.........................................................................................................5
1.1.2. Сунуш.................................................................................................................10
1.2. Акча-кредит чөйрөсүндөгү тенденциялар ..........................................................12
1.3. Тышкы экономикалык шарттар...........................................................................17
1.4. Алмашуу курсу.......................................................................................................20

2-ГЛАВА. ИНФЛЯЦИЯ ЖАНА АНЫ ТҮЗҮҮЧҮЛӨР...................................................22

2.1. Керектөө бааларынын индексинин динамикасына иликтөөлөр..................................22
2.1.1. Азык-түлүк товарларына баа дикамикасы.................................................................22
2.1.2. Азык-түлүктөн башка товарларга карата баа динамикасы ......................................24
2.1.3. Кызмат көрсөтүүлөргө баа динамикасы ....................................................................25
2.1.4. Аймактардагы керектөө бааларынын динамикасы......................................................25
2.2. Базалык инфляция.......................................................................................................26

3-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫ БОЮНЧА ЧЕЧИМДЕРИ..............................................................28

3.1. Улуттук банк Башкармасынын негизги чечимдери..........................................................28
3.2. Акча-кредиттик жөнгө салуу боюнча комитеттин негизги чечимдери..........................28

4-ГЛАВА. ИНФЛЯЦИЯ КӨРСӨТКҮЧҮН БОЛЖОЛДООЛОР................................................30

4.1. Инфляциянын негизги факторлорунун динамикасына болжолдоолор...........................30
4.2. 2012-жылга жана 2012-жылдын IV чейрегине инфляцияны болжолдоолор....................31

СТАТИСТИКАЛЫК ТИРКЕМЕ.........................................................................................34

ГЛОССАРИЙ........................................................................................................................38

КЫСКАРТЫЛГАН СӨЗДӨРДҮН ТИЗМЕСИ.................................................................42

# 1-глава. Кыргыз Республикасындагы экономикалык абал

## 1.1. Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр рыногундагы суроо-талап жана сунуш

### 1.1.1. Суроо-талап

Алдын ала маалыматтар боюнча 2012-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде ИДӨнүн ошол учурда түптөлгөн баадагы көлөмү 203,8 млрд. сомду түзүп, 2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда, 4,6 пайызга төмөндөгөн; өткөн жылдын январь-сентябрь айларын ичинде ИДӨ көлөмү 8,3 пайызга өскөн эле. “Кумтөр” алтын кенин казып алуу ишканаларын эске албаганда, 2012-жылдын 3-чейрегинин жыйынтыгы боюнча ИДӨ көлөмү 3,8 пайыздык өсүшкө ээ болгон (2011-жылдын январь-сентябрь айларында бул көрсөткүчтүн өсүшү 6,0 пайызды түзгөн). 2012-жылдын 3-чейрегинде алдын ала алынган маалыматтар боюнча ИДӨ дефлятору, 2011-жылдын январь-сентябрь айларындагы 19,3 пайызга караганда, 10,4 пайыз деңгээлинде калыптанган.

Кароого алынып жаткан жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча ИДӨ түзүмүндөгү түпкү керектөөгө кеткен чыгашалардын көлөмү реалдуу алганда 20,4 пайызга, дүң топтоо көлөмү 30,9 пайызга өскөн. Мында, экспорттун көлөмү 10,9 пайызга кыскарган болсо, импорт – 25,4 пайызга өскөн.

**1.1.1-таблица. ИДӨнүн чыгашалар боюнча реалдуу өсүш арымы**
*(жыл башынан тартып өткөн жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыздарда)*


| | 2011 | | | | 2012 | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | I | II | III | IV | I | I | II | II |
| | | | | | | үлүш, *пайыздарда* | | үлүш, *пайыздарда* |
| **Колдонулган ИДӨ** | **0,6** | **4,9** | **8,3** | **5,7** | **-6,8** | **100,0** | **-5,6** | **100,0** |
| Түпкү керектөө | 6,7 | 8,5 | 6,4 | 5,2 | 11,3 | 127,1 | 20,4 | 125,1 |
| Жекече керектөө | 7,1 | 9,2 | 6,9 | 5,5 | 12,1 | 117,1 | 22,1 | 114,6 |
| Үй чарбасы | 7,5 | 10,0 | 7,2 | 5,6 | 13,0 | 104,1 | 24,9 | 99,5 |
| ҮЧТКУ | 11,2 | 10,7 | 7,3 | 4,7 | -12,1 | 1,2 | -2,6 | 1,6 |
| Мамлекеттик мекемелердики | 2,7 | 3,1 | 4,2 | 4,5 | 4,3 | 11,8 | 2,9 | 13,5 |
| Жамааттык пайдалануу | 3,1 | 3,1 | 2,3 | 2,3 | 2,3 | 10,0 | 4,3 | 10,6 |
| Дүң топтоо | 7,9 | -10,2 | -2,3 | 0,3 | 59,9 | 28,5 | 30,9 | 29,3 |
| Экспорт | -13,8 | 6,6 | 19,5 | 16,5 | -6,4 | 62,7 | -10,9 | 58,6 |
| Импорт | -0,8 | 11,6 | 13,8 | 13,7 | 29,4 | -123,0 | 25,4 | -116,7 |

*Булагы: КР УСКсы*

2012-жылдын январь-июнь айларында ичтен суроо-талап (түпкү керектөөгө чыгашалардын жана дүң топтоонун суммасы) 2011-жылдын биринчи жарым жылдыгындагы 104,8 пайызга караганда, 122,3 пайызды түзгөн.

**1.1.1-сүрөт. ИДӨнүн, ички суроо-талаптын жана акчалай которуулардын өзгөрүү баскычы**

*(жыл башынан тартып өткөн жылдын тиешелүү мезгилине карата)*




Алдын ала маалыматтар боюнча 2012-жылдын 3-чейрегинде жеке адамдардын акча которуу системалары боюнча каражаттарынын түшүү көлөмүнүн өсүшү сакталып калганы менен өсүш арымдын төмөндөшү байкалган. Жылдын январь-сентябрь айлары ичинде акча которуулардын таза агымы 19,9 пайызга көбөйүп, 1 489,5 млн. АКШ долларын түзгөн. Ал эми 2011-жылдын январь-сентябрь айларынын жыйынтыгы боюнча өсүш 40,0 пайыз чегинде катталган. Акча которуунун жалпы көлөмүндө негизги үлүштү мурдагыдай эле КМШ өлкөлөрүнөн түшүүлөр ээлейт (Россиядан 96,7 пайыз, Казакстандан – 1,6 пайыз). Алыскы чет өлкөлөрдөн жеке адамдардын акчалай которууларынын жалпы агымынын 2,2 пайызы келип түшкөн.

**1.1.2-таблица. Жеке адамдардын акча которуу системалары боюнча которуулары***

*(млн. АКШ доллары)*


| | 2009 | 2010 | январь-сентябрь 2011 | январь-сентябрь 2012** |
|---|---|---|---|---|
| **Сальдо** | **893,2** | **1 124,9** | **1 109,3** | **1 304,0** |
| **Агылып кирүүлөр** | **966,7** | **1 252,6** | **1 242,8** | **1 489,5** |
| КМШ өлкөлөрү | 894,4 | 1 199,3 | 1 196,2 | 1 459,4 |
| Казакстан | 31,4 | 35,0 | 29,3 | 25,9 |
| Россия | 862,9 | 1 164,3 | 1 166,3 | 1 433,4 |
| Жана башкалар | 0,0 | 0,0 | 0,6 | 0,1 |
| Алыскы чет өлкөлөр | 72,3 | 53,3 | 46,6 | 30,2 |
| Бельгия | 0,5 | 0,2 | 1,4 | 0,0 |
| Улуу Британия | 1,4 | 1,4 | 1,1 | 0,8 |
| Германия | 0,7 | 9,9 | 14,9 | 7,0 |
| АКШ | 69,5 | 41,7 | 28,0 | 21,3 |
| Жана башкалар | 0,3 | 0,1 | 1,1 | 1,1 |
| **Агылып чыгуулар** | **73,6** | **127,6** | **133,5** | **185,5** |
| КМШ өлкөлөрү | 71,8 | 125,8 | 130,6 | 181,2 |
| Казакстан | 0,7 | 0,4 | 0,6 | 0,5 |
| Россия | 71,1 | 125,4 | 129,7 | 180,6 |
| Жана башкалар | 0,0 | 0,0 | 0,3 | 0,1 |
| Алыскы чет өлкөлөр | 1,8 | 1,8 | 3,0 | 4,4 |
| Бельгия | 0,2 | 0,5 | 0,6 | 0,2 |
| Германия | 0,4 | 0,3 | 1,1 | 1,1 |
| АКШ | 1,1 | 0,9 | 1,1 | 2,1 |
| Жана башкалар | 0,1 | 0,2 | 0,2 | 1,0 |

* Anelik, Blizko, Contact, Migom, MoneyGram, Western Union, Unistream, Золотая Корона, Лидер, Быстрая почта, Аллюр ж.б. системалар боюнча которуулар жана «Кыргызпочтасы» МИ аркылуу которуулар.

** алдын ала алынган маалыматтар.

Кыргыз Республикасынын УСКсынын үй чарбаларына талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүүсүнүн жыйынтыгы боюнча 2011-жылдын январь-декабрь айлары ичинде калктын акчалай кирешесинин түзүмүндө квинтилдик топтор боюнча акчалай кирешелердин жалпы көлөмдөгү үлүшү кыйла камсыз болгондор тобунун пайдасында калыптанган. Аксак, кыйла камсыз болгондор тобунун кирешелеринин үлүшү 2011-жылдын январь-декабрь айларында калктын кирешелеринин жалпы көлөмүндө 44,6 пайызды түзүү менен 2010-жылдагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 0,9 п.п. көбөйгөн. Ал эми азыраак камсыз болгон калктын үлүшүнүн 20 пайызынын кирешелеринин үлүшү 0,3 п.п. төмөндөп, 6,1 пайыз чегинде катталган.

**1.1.2-сүрөт. Калктын акчалай кирешелеринин квинтилдик топтор боюнча түзүмү**
*(жыл башынан бери)*




Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын алдын ала маалыматтары боюнча 2012-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы 11,6 млрд. сомду же ИДӨгө карата 5,7 пайызды түзгөн (2011-жылдын январь-сентябрь айларында бюджет ИДӨгө карата 2,5 пайыз өлчөмүндөгү тартыштыгы менен аткарылган).

Алынган расмий трансферттерди кошо алганда, операциялык ишкердиктен мамлекеттик бюджеттин кирешелери 62,6 млрд. сомду түзүп (ИДӨгө карата 30,7 пайыз), 13,9 пайызга же 2011-жылдын январь-сентябрь айларындагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 7,76 млрд. сомго көбөйгөн. Кирешелердин өсүшүнө эң чоң салымды салыктык кирешелер (14,4 п.п.) кошкон, ал эми салыктык эмес кирешелердин салымы 2,7 п.п. чегинде катталган. Алынган расмий трансферттер өткөн жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда 34,2 пайызга төмөндөгөн, демек мамлекеттик бюджеттин кирешелеринин өсүшүнө терс салым кошулган (-3,3 п.п.).

Мамлекеттик бюджеттин операциялык ишкердикке жалпы чыгашалары, кароого алынып жаткан жылдын январь-сентябрь айлары


ичинде 69,6 млрд. сомду же 2011-жылдын январь-сентябрь айларындагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 28,3 пайызга же 15,4 млрд. сомго көбөйүү менен ИДӨгө карата 34,2 пайызды түзгөн. Чыгашалардын өсүшүнө, мамлекеттик инвестициялар программасынын алкагында кредиттердин жана насыялардын өсүшүнө байланыштуу арткан "жана башка чыгашалар" эң чоң салым кошкон. Чыгашалардын олуттуу өсүшү эмгек акыга ошондой эле, товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга чыгашалардын көбөйүүсүнө да байланыштуу келип чыккан.

Финансылык эмес активдерди сатып алуу операциялары боюнча акчалай каражаттардын таза агымы 4,6 млрд. сомду түзгөн, бул 2011-жылдын январь-сентябрь айларындагы ушул эле көрсөткүчтөн 938,3 млн. сомго же 17,0 пайызга аз.

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондусунун алдын ала маалыматтары боюнча бул фонддун бюджетинин тартыштыгы 0,2 млрд. сомду же ИДӨгө карата 0,1 пайызды, кирешелери – 21,9 млрд. сомду же ИДӨгө карата 10,78 пайызды, чыгашалары – 22,1 млрд. сомду же ИДӨгө карата 10,8 пайызды түзгөн.

Отчеттук мезгил үчүн консолидацияланган бюджеттин (мамлекеттик бюджет+Социалдык фонддун бюджети) тартыштыгы 11,8 млрд. сомду же ИДӨгө карата 5,78 пайызды түзгөн. Кирешелери 74,1 млрд. сомду же ИДӨгө карата 36,4 пайыз, ал эми чыгашалары 86,0 млрд. сомду же ИДӨгө карата 42,2 пайыз чегинде катталган.

**1.1.3-сүрөт. Мамлекеттик бюджеттин аткарылышы**
*(бир мезгил ичинде)*




Алдын ала маалыматтар боюнча негизги капиталга инвестициялардын көлөмү, 2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 9,1 пайызга көбөйүү менен 2012-жылдын январь-сентябрь айдары ичинде 35,4 млрд сомду түзгөн.

Негизги капиталга инвестицияларды каржылоо булактарын түзүмүндө жылдын январь-сентябрь айлары ичинде ички инвестициялар 11,7 пайызга көбөйүү менен жалпы көлөмдө эң чоң үлүштү ээлөөгө жетишкен, ал эми

тышкы булактардын эсебинен инвестициялар өткөн жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда, 2,6 пайызга көбөйгөн. Сырттан инвестициялардын артышы тике чет өлкө инвестицияларынын көбөйүүсү (2,3 эсеге), ошондой эле чет өлкө гранттарынын жана гуманитардык жардамдардын (2 эсе) бөлүнүшү менен шартталган.

**1.1.3-таблица. Каржылоо булактары боюнча негизги капиталга инвестициялар**

| | январь-сентябрь 2011 | январь-сентябрь 2012 | январь-сентябрь 2012 | |
|---|---|---|---|---|
| | бардыгы болуп, *млн. сом* | | үлүшү, *пайыздар* | өсүш арымы, *пайыздар* |
| **Бардыгы** | **31 014,6** | **35 379,8** | **100,0** | **109,1** |
| **Ички инвестициялар** | **21 952,3** | **25 674,6** | **72,6** | **111,7** |
| Республикалык бюджет (өзгөчө кырдаалдарга каралган каражаттарды кошо алганда) | 3 259,7 | 1 768,1 | 5,0 | 51,9 |
| Жергиликтүү бюджет | 299,6 | 514,8 | 1,5 | 1,6 эсе |
| Ишканалардын, уюмдардын каражаттары | 9 916,2 | 13 559,3 | 38,3 | 130,9 |
| Банктын кредити | 71,2 | 293,7 | 0,8 | 3,9 эсе |
| Калктын каражаты | 8 405,6 | 9 538,7 | 27,0 | 108,0 |
| **Тышкы инвестициялар** | **9 062,3** | **9 705,2** | **27,4** | **102,6** |
| Чет өлкө кредити | 6 228,4 | 3 262,0 | 9,2 | 50,3 |
| Тике чет өлкө инвестициялары | 1 987,2 | 4 697,7 | 13,3 | 2,3 эсе |
| Чет өлкө гранттары жана гуманитардык жардам | 846,7 | 1 745,5 | 4,9 | 2 эсе |

*Булагы: УСК*

Инвестициялардын тармактык түзүмүндө салымдардын негизги үлүшүн тоо кендерин казып алуу өндүрүшү (2012-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде – 27,8 пайыз, 2011-жылдын ушул эле мезгилинде 21,7 пайыз), транспорт жана байланыш («Талас-Тараз-Суусамыр», «Ош-Иркештам», «Ош-Исфана», «Бишкек-Нарын-Торугарт», «Түштүк транспорт каттамы» автожолдорун реконструкциялоо боюнча долбооруна, "Регионалдык жол тилкесин жакшыртуу" долбоору боюнча жолдордун абалын оңдоого инвестициялар (14,1 пайызды) (2011-жылы бул көрсөткүч - 26,1 пайызды түзөт). Кайра иштетүү өндүрүшү – 12,8 пайызды (2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүч 4, 4 пайызды), соода – 5,6 пайызды (2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүч 3,1 пайызды) ээлейт.

Иштеп жактан коммерциялык банктардын кредит портфелинин көлөмү 2012-жылдын сентябрь айынын акырына карата 36,1 млрд. сомду түзүп, жыл башынан бери 15,8 пайызга көбөйүүгө жетишкен. Мында, кредит портфелинин сом түрүндөгү бөлүгү 13,3 пайызга көбөйүп, 15,8 млрд. сом өлчөмүндө түптөлгөн. Чет өлкө валютасында берилген кредиттердин көлөмү сентябрь айынын акырында 20,3 млрд. сомду эквивалентинде калыптанып, жыл башындагы тиешелүү мааниден 17,8 пайызга арткан. Түзүмдөр боюнча алганда, байланышка кредиттерди эске албаганда, бардык тармактар боюнча кредиттөөнүн артышы жүргөн. Айрыкча, "социалдык кызматтар", "транспорт", "керектөө кредиттери" жана " айыл чарбасы" сыяктуу сегменттерде кредиттөөнүн арымдуу өскөндүгү байкалган. Мында портфелдин көбөйүүсүнө эң эле маанилүү салымды сандык көз караштан

алганда “соода жана коммерциялык операциялар, айыл чарбасы жана керектөө максаттарына кредиттөө көлөмдөрүнүн көрсөткүчтөрү кошкон, алар кароого алынып жаткан мезгилдин акырына карата үлүштүк мааниде алганда, анын негизги бөлүгүн түзгөн.

**1.1.4-таблица. Коммерциялык банктардын кредит портфелинин тармактык түзүмү**

| | январь-сентябрь 2011 | | январь-сентябрь 2012 | |
|---|---|---|---|---|
| | бардыгы, *млн. сом* | өсүш арымы, *пайыздар* | бардыгы, *млн. сом* | өсүш арымы, *пайыздар* |
| **Кредит портфели** | **30 053,5** | **113,9** | **36 135,3** | **115,8** |
| Соода жана коммерциялык операциялар | 13 434,3 | 118,5 | 14 697,5 | 109,9 |
| Айыл чарбасы | 4 067,6 | 121,4 | 5 005,9 | 126,0 |
| Өнөр жайы | 1 593,3 | 107,6 | 1 997,1 | 119,9 |
| Ипотека | 2 768,7 | 97,1 | 3 393,8 | 113,7 |
| Курулуш | 1 769,3 | 86,8 | 1 958,0 | 112,1 |
| Керектөө кредиттери | 2 456,0 | 130,5 | 3 488,5 | 126,9 |
| Жана башкалар | 3 964,4 | 115,2 | 5 594,4 | 118,4 |

Банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин (БФКМдердин) кредиттеринин жалпы түзүмүндө негизги үлүштү ээлеген микрофинансылык уюмдар жана кредиттик союздар тарабынан берилген кредиттер, 2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 25,5 пайызга көбөйүп, 2012-жылдын июнь айынын акырына карата 17,5 млрд. сомду түзгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде тармактык түзүмдө берилген кредиттердин эң чоң үлүшү айыл чарбасына (44,8 пайыз), соодага жана коммерциялык операцияларга (26,7 пайыз) туура келген.

**1.1.5-таблица. БФКМдердин бир мезгилдин акырына карата кредит портфелинин тармактык түзүмү***

| | июнь 2011 | | июнь 2012 | |
|---|---|---|---|---|
| | бардыгы, *млн. сом* | өсүш арымы, *пайыздар* | бардыгы, *млн. сом* | өсүш арымы, *пайыздар* |
| **Кредит портфели** | **13 968,1** | **36,3** | **17 531,7** | **25,5** |
| Айыл чарбасы | 6 890,8 | 42,8 | 7 859,9 | 14,1 |
| Соода жана коммерция | 3 517,6 | 18,3 | 4 675,5 | 32,9 |
| Керектөө кредиттери | 809,1 | 81,8 | 1 227,8 | 51,8 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | 437,7 | -10,2 | 556,2 | 27,1 |
| Курулуш жана ипотека | 275,5 | 22,1 | 530,5 | 92,6 |
| Өнөр жайы | 230,5 | 17,4 | 279,9 | 21,4 |
| Транспорт жана байланыш | 169,9 | 42,5 | 267,5 | 57,4 |
| Даярдоо жана кайра иштетүү | 29,6 | -79,7 | 45,5 | 53,6 |
| Жана башкалар | 1 607,4 | 94,6 | 2 089,0 | 30,0 |

* Кыргыз Республикасынын Өнүктүрүү фондусу жана ломбарддар тарабынан берилген кредиттерди эске албаганда, банктык эмес финансы-кредит мекемелердин кредит портфели.

### 1.1.2. Сунуш

2012-жылдын январь-сентябрь айларында ИДӨнүн төмөндөшү негизинен өнөр жайында өндүрүштүн төмөндөшүнүн (-7,5 п.п.), эң башкысы, “Кумтөр” алтын кенин казып алуу ишканаларында өндүрүш көлөмүнүн кыскарышынын эсебинен жүргөн. Ошол эле учурда, ИДӨнү

түптөөдө соода жана ремонт иштери (+1,3 п.п.), ошондой эле транспорт жана байланыш (+0,7 п.п.).алгылыктуу салым кошкон.

Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөрдүн чогуу алгандагы сунуш көлөмү 2012-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде айыл чарба азык-түлүгү – 20,3 пайызга, соода жүргүзүү сектору 15,8 пайызга, кайра иштетүү өнөр жайы – 10,2 пайызга, транспорт жана байланыш – ИДӨнүн жалпы көлөмүндө 8,8 пайызга камсыз кылынган.

**1.1.6-таблица. ИДӨнүн өсүшүнө/төмөндөшүнө ишкердиктин айрым түрлөрүнүн салымы**

| | январь-сентябрь 2011 | | январь-сентябрь 2012 | |
|---|---|---|---|---|
| | өсүш арымы, *пайыздар* | өсүшкө салым, *п.п.* | өсүш арымы, *пайыздар* | өсүшкө салым, *п.п.* |
| **Ички дүң өнүм** | **8,3** | **8,3** | **-4,6** | **-4,6** |
| Дүң кошулган нарк | 8,3 | 7,4 | -4,6 | -4,1 |
| Айыл чарбасы, мергенчилик жана токой чарбасы | 2,7 | 0,5 | 2,0 | 0,4 |
| Тоо кендерин казып алуу өнөр жайы | 21,2 | 0,1 | 23,1 | 0,2 |
| Кайра иштетүү өнөр жайы | 26,1 | 4,2 | -44,3 | -7,7 |
| Э/энергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү | 22,9 | 0,8 | 9,0 | 0,3 |
| Курулуш | -5,0 | -0,3 | 12,0 | 0,6 |
| Соода, ремонт | 5,0 | 0,8 | 8,5 | 1,3 |
| Мейманканалар жана тойканалар | 10,6 | 0,1 | 10,2 | 0,1 |
| Транспорт жана байланыш | 10,8 | 1,0 | 9,1 | 0,7 |
| Финансылык ишкердүүлүк | 7,4 | 0,0 | 0,2 | 0,0 |
| Кыймылсыз мүлк менен операциялар, ижара | -1,7 | -0,1 | -5,5 | -0,2 |
| Мамлекеттик башкаруу | 5,0 | 0,3 | 1,1 | 0,1 |
| Билим берүү | -0,5 | 0,0 | 5,5 | 0,3 |
| Саламаттыкты сактоо жана социалдык кызматтарды сунуштоо | 1,9 | 0,0 | 2,3 | 0,1 |
| Коммуналдык жана жеке кызматтарды сунуштоо | 0,6 | 0,0 | -4,7 | -0,1 |
| Азык-түлүккө таза салыктар | 8,3 | 0,9 | -4,6 | -0,5 |

*Булагы: КР УСКсы*

Алдын ала маалыматтар боюнча 2012-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде өнөр жай өндүрүшүнүн физикалык көлөмүнүн индекси, 2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 33,9 пайызга төмөндөгөн (2011-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмү 25,5 пайызга өскөн). Өнөр жай өндүрүшүндө физикалык көлөмдүн индексинин төмөндөшү негизинен, кайра иштетүү өнөр жайында өндүрүш көлөмүнүн 44,3 пайызга, анын ичинде металлургия өндүрүшүндө жана баалуу металлдардан буюмдарды жасап чыгаруунун, текстиль жана тигүү өндүрүшүндө (21,3 пайызга), өндүрүштүн кыскарышы менен шартталган даяр металл буюмдарын жасап чыгаруунун (67,9 пайызга) төмөндөшү менен шартталган. «Кумтөр» алтын кенин казып алуу ишканаларын эске албаганда, өнөр жай өндүрүшүндө физикалык көлөмдүн индексинин 7,0 пайыз деңгээлинде өсүшү катталган, 2011-жылы бул көрсөткүчтүн өсүшү 21,5 пайызды түзгөн эле.

Айыл чарбасында алдын ала маалыматтар боюнча 2012-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде физикалык көлөмдүн индексинин 2,0 пайыз деңгээлинде өсүшү катталган (2011-жылдын январь-сентябрь айларында

айыл чарба азык-түлүгүн өндүрүүнүн көлөмү 2,8 пайыздык өсүшкө ээ болгон).

Алдын ала маалыматтар боюнча 2012-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде соода жүгүртүүсүнүн 9,3 пайызга көбөйүүсү байкалган (2011-жылдын тиешелүү мезгилинде көбөйүү 5,4 пайыз чегинде катталган эле). Ошол эле учурда, дүң сооданын 9,1 пайызга өсүшү, ал эми чекене сооданын (автомобиль жана мотор майларын сатуудан тышкары), 6,6 пайызга өскөндүгү байкалган.

**1.1.7-таблица. Соода операцияларынын дүңүнөн жүгүртүү динамикасы жана түзүмү**

| | **январь-сентябрь 2011** | | **январь-сентябрь 2012** | |
|---|---|---|---|---|
| | үлүшү, *пайыздар* | өсүш арымы, *пайыздар* | үлүшү, *пайыздар* | өсүш арымы, *пайыздар* |
| **Соода** | **100,0** | **105,4** | **100,0** | **109,3** |
| Авто жана мото техникаларын, тетиктерин сатуу | 2,8 | 110,7 | 2,7 | 107,5 |
| Техникалык жактан тейлөө жана авто ремонт | 0,5 | 106,3 | 0,5 | 106,6 |
| Дүң соода | 32,3 | 104,1 | 30,3 | 109,1 |
| Мотор майларын чекене сатуу | 9,9 | 118,5 | 11,3 | 124,9 |
| Чекене соода | 54,4 | 103,5 | 55,0 | 106,6 |
| Тиричилик буюмдарын ремонттоо | 0,2 | 91,2 | 0,2 | 103,7 |

*Булагы: КР УСКсы*

## 1.2. Акча-кредит чөйрөсүндөгү тенденциялар

### Акча базасы


Акча базасы 2012-жылдын 1-октябрына карата 60,2 млрд. сомду түзүп, жылдын январь-сентябрь айлары ичинде 9,8 пайызга же 5,4 млрд. сомго чейин көбөйгөн (2011-жылдын ушул мезгили ичинде 5,4 пайызга арткан). Акча базасынын өсүшүнө Өкмөттүн операциялары таасир этип, аны 6,8 млрд. сомго көбөйткөн. Улуттук банктын операциялары акча базасын 1,4 млрд. сомго кыскарткан.

*Салыштыруу үчүн:* 2011-жылдын январь-сентябрь айларында акча базасынын көбөйүүсү 2,6 млрд. сомду түзгөн, мында Өкмөттүн операциялары акча базасын 7,1 млрд. сомго көбөйткөн болсо, Улуттук банктын операциялары акча базасын 4,5 млрд. сомго азайткан.

Салык-бюджет саясатына макулдашылган акча-кредит саясатын жүргүзүүнүн алкагында Улуттук банк, инфляциялык тобокелдиктин сакталып турушунан улам, ачык рынокко катышуу мүмкүнчүлүгүн кеңейткен. Бул жүгүртүүдөгү ноталардын көлөмүнүн жыл башындагы 1,4 млрд. сомдон, жылдын сентябрь айынын акырындагы 1,8 млрд. сомго чейин көбөйүүсүнөн көрүнгөн. Репо-операцияларынын көлөмү жыл башындагы 6,8 млн. сомдон сентябрь айынын акырындагы 500,0 млн. сомго чейин көбөйгөн.

2012-жылдын январь-сентябрь айларынын жыйынтыгы боюнча жүгүртүүдөгү акча 7,4 пайызга өсүп, 53,6 млрд. сомду түзгөн (2011-жылдын ушул эле мезгилинде 7,6 пайызга көбөйүү жүргөн).

**1.2.1-сүрөт. Акча базасынын жана акча топтомдорунун номиналдык өсүш арымы**
*(жылдык мааниде алганда)*




## M2 акча топтому

2012-жылдын 1-октябрына карата M2 (M0 +сомдук депозиттер) акча базасы 2012-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде 14,5 пайызга көбөйүү менен 71,1 млрд. сомду түзгөн. M2 акча топтомун түзүүчүлөр төмөнкүчө өзгөргөн: банктардан тышкаркы акчалар (M0) 7,1 пайызга, ал эми сомдук депозиттер – 37,7 пайызга, анын ичинде которулма депозиттер (талап кылууга чейинки) - 38,5 пайызга, ал эми мөөнөттүү депозиттер - 36,2 пайызга көбөйгөн.

## M2X акча топтому


M2X (M2 + чет өлкө валютасындагы депозиттер) кеңири мааниде колдонулуучу акча массасы 2012-жылдын 1-октябрына карата бир мезгил ичинде 18,9 пайызга (2011-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде M2X көбөйүүсү 10,5 пайызды түзгөн эле) көбөйүп, 94,6 млрд. сомду түзгөн. M2X кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын аныктамасына кирген депозиттердин жалпы көлөмү[1] 36,2 пайызга көбөйүп, анын ичинде чет өлкө валютасындагы депозиттер 35,0 пайызга, ал эми сомдук депозиттер - 37,7 пайызга көбөйгөн (2011-жылдын январь-сентябрь айларында банктардан тышкаркы акчалардын көбөйүүсү 6,7 пайызды, ал эми депозиттердин жалпы көлөмү 16,2 пайызды түзгөн эле).

Секторалдык боюнча алганда, M2X кеңири мааниде колдонулуучу акча базасынын компоненттеринин арасында 2011-жылдын январь-сентябрь айларында тиешелүүлүгүнө жараша 73,2 пайызга жана 48,3 пайызга көбөйүү менен финансылык корпорациялардын депозиттери жана финансылык эмес корпорациялардын депозиттери тез арымда өсүшкө ээ

[1] Аналитикалык баланстын маалыматтарына ылайык, банк тутуму өзүндө жеке адамдардын жана юридикалык жактардын депозиттерин, ошондой эле башка финансы-кредит мекемелеринин депозиттерин камтыйт. Мында, Өкмөттүн жана резидент эместердин депозиттери эске алынбайт.

болгон. Ал эми калган башка секторлор-резиденттердин депозиттери бул мезгил ичинде 24,2 пайызга көбөйгөн.

**1.2.2-график. Секторлор боюнча M2Xке кирген депозиттердин өзгөрүүсү**
*(жылдык мааниде)*




2012-жылдын январь-сентябрь айларынын жыйынтыгы боюнча M2X акча базасынын түзүмү төмөнкүчө өзгөргөн:

– банктардан тышкаркы нак акчалардын үлүшү 59,4 пайыздан 53,5 пайызга чейин азайган;
– сомдук депозиттердин үлүшү 18,7 пайыздан 21,7 пайызга чейин көбөйгөн;
– чет өлкө валютасындагы депозиттердин үлүшү 21,9 пайыздан 24,8 пайызга чейин көбөйгөн.


M2X кеңири акча мультипликатору кароого алынган мезгил ичинде 2012-жылдын башындагы 1,451ден 2012-жылдын сентябрь айынын акырына 1,572ге чейин көбөйгөн (2011-жылдын сентябрь айынын акырына - 1,493 эле).

M2X акча топтому боюнча эсептелинген экономиканы монетизациялоо коэффициенти жылдын баш жагындагы 26,5 пайыздан 2012-жылдын сентябрь айынын акырына карата 29,5 пайызга чейин көбөйгөн (2011-жылдын сентябрь айынын акырына - 26,3 пайыз). Монетизациялоо коэффициентинин жогорулоосу экономиканын төмөндөшүнүн алкагында акча топтомунун өсүшү менен шартталган, бул кароого алынган мезгилде M2X кеңири акча массасынын жүгүртүү тездигинин 2012-жылдын башындагы 3,8ден 2012-жылдын сентябрь айынын акырына 3,4кө төмөндөшүнө тиешелүү негизде таасирин тийгизген (2011-жылдын сентябрь айынын акырына - 3,8).

2012-жылдын үчүнчү чейрегинде финансы рыногунда, бүтүндөй алганда банк тутумунда ашыкча ликвиддүүлүктөн улам олуттуу өзгөрүүлөрдүн болбогондугунун таасири астында 2012-жылдын экинчи чейрегинде түптөлгөн негизги тенденциялардын сакталышы байкалган.

Ошол эле учурда кароого алынган мезгил ичинде айрым рынок катышуучулары тарабынан карыздык каражаттарга суроо-талаптын жогорулоосу белгиленген, бул өз кезегинде, банктар ортосунда өз ара иш алып баруунун ички рыногунда жигердүүлүктүн өсүшүнө таасирин тийгизген. Мамлекеттик баалуу кагаздардын бардык сегменттеринде кирешелүүлүктүн төмөндөө динамикасынын сакталышы шартында, төлөө мөөнөтү миксималдуу узагыраак кирешелүүлүк кагаздарына жогорку суроо-талап инвесторлор тарабынан болгон.

**1.2.3-сүрөт. Акча рыногундагы чендердин өзгөрүүсү**




2012-жылдын 2-чейрегиндеги жыйынтыкка салыштырганда отчеттук мезгил ичинде карыз алышуулардын жалпы көлөмү, рыноктун бардык сегменттериндеги операциялар көлөмүнүн төмөндөөсүнүн эсебинен 1,8 млрд. сомго чейин, 33,0 пайызга азайган. Олуттуу төмөндөө улуттук жана чет өлкө валюталарындагы кадимки кредиттик бүтүмдөрдө белгиленген. Репо-операциялар боюнча да 21,3 пайызга төмөндөө белгиленип, натыйжада сандык мааниде алганда мындай бүтүмдөрдүн саны 1,5 млрд. сомду түзгөн. Ушуну менен катар эле, кадимки сомдук кредиттик операциялар көлөмү да 250,0 млн. сом чегинде калыптануу менен 57,4 пайызга төмөндөгөн. Кароого алынган мезгил ичинде репо операциялар боюнча пайыздык чендин орточо салмактанып алынган мааниси 0,2 п.п., 7,9 пайызга чейин, ал эми сом түрүндө кредиттик операциялар боюнча 1,0 п.п., 7,9 пайызга чейин көбөйгөн. 2011-жылдын тиешелүү мезгилиндеги орточо салмактанып алынган пайыздык чен менен салыштырганда улуттук валютадагы репо жана кадимки операциялар боюнча чендер, тиешелүүлүгүнө жараша 2,5 жана 0,7 п.п. төмөндөгөн.


Кароого алынган мезгил ичинде ички банктар аралык кредит рыногунда чет өлкө валютасында ишке ашырылган бүтүмдөрдүн чогуу алгандагы көлөмү, жылдык орточо 1,5 пайыздык чен менен 66,0 млн. сомду түзгөн.

Сентябрь айынын акырына карата бала боюнча эсептик чен, чейрек ичинде 3,0 п.п. төмөндөө менен 5,1 пайызды түзгөн. Натыйжада “овернайт”

кредиттери боюнча чен да төмөндөп, чейрек ичинде орточо алганда 7,7 пайыз өлчөмүндө калыптанган. Ал эми ушул мезгил ичинде берилген "овернайт" кредиттеринин көлөмү 392,0 млн. сомду түзгөн.

Мурдагыдай эле, жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк кирешелүү ноталарга карата кызыгуу арткан. Натыйжада, сатуу куржунундагы бирден бир баалуу кагаздар болуп калган. 2012-жылдын 3 чейреги ичинде 7 жана 14 күндүк ноталар сунушталган эмес. Ошондой эле 28 күндүк баалуу кагаздын эмиссия көлөмүнүн айрым бир төмөндөшүнө карабастан, бүтүндөй алганда талап өсүш багытын уланткан. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде 28 күндүк ноталарды сатуу 5,7 млрд. сомго жеткен. Үчүнчү чейрек ичинде мына ушул ноталардын орточо алынган кирешелүүлүгү 5,0 пайызга чейин төмөндөгөн (-3,0 п.п.). 2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 28 күндүк ноталардын кирешелүүлүгү 8,2 п.п. төмөндөгөн.

**1.2.4-сүрөт. Улуттук банктын ноталарынын кирешелүүлүгүнүн өзгөрүү чеги**





Отчеттук мезгил ичинде МКВнын жарыяланган эмиссиясынын көлөмү 1,3 млрд. сом чегинде калыптанган. Үчүнчү чейрек ичинде МКВларды сатуунун чогуу алгандагы көлөмү өткөн мезгилге салыштырганда 14,8 пайызга, 1,1 млрд. сомго чейин төмөндөгөн. Инвестициялык көз караштан алганда, кыйла өтүмдүү болгон 12 айлык кагаздардын сунушунун азаюусунун эсебинен эмиссиянын жарыяланган көлөмүнүн азаюусу сатуунун төмөндөшүнө түрткү берген баалуу кагаздар боюнча кирешелүүлүктүн орточо айлык көрсөткүчү жүгүртүү мөөнөтү 3, 6 жана 12 ай болгон МКВ сегментинде кирешелүүлүктүн тиешелүүлүгүнө жараша 0,7 п.п., 1,2 п.п., 0,8 п.п. төмөндөшүнүн эсебинен 8,5 пайызга (-1,4 п.п.) чейин азайган. 2011-жылдын тиешелүү чейрегине салыштырганда МКВ кирешелүүлүгүнүн жалпы деңгээлинин көрсөткүчү 8,4 п.п. азайган. Мында, жүгүртүү мөөнөтү 3 ай болгон МКВ кирешелүүлүгү 3,3 п.п., 6 ай болгон МКВныкы 6,8 п.п., ал эми 12 ай болгон МКВныкы 8,1 п.п. төмөндөгөн.

2012-жылдын июль–сентябрь айларында МКОнун 4 аукциону өткөрүлүп, аларда 1192,8 млн. сом суммасында баалуу кагаздар

жайгаштырылган, бул өткөн чейректеги тиешелүү көрсөткүчтөн 2,6 эсеге жогору. Эки жылдык казына облигацияларына талап, өткөн чейректегиге салыштырганда рынокко сандык катышуу көрсөткүчүн кыйла арттыра алган бир коммерциялык банк-басымдуулук кылган инвестордун иш жигердүүлүгүнүн эсебинен колдоого алынган. Мындан тышкары, үчүнчү чейректин жыйынтыгы боюнча келип чыккан сатуу көрсөткүчүнө олуттуу салымды, 2012-жылдын экинчи чейрегинен тартып, МКО рыногунда жогорку активдүүлүктү көрсөтө алган институционалдык инвесторлордун бири кошкон. Кагаздардын эмиссия көлөмүнүн артып жатышы учурунда, рыноктогу активдүүлүктүн жогорулашы орточо айлык пайыздык чендин чейректин башталышынан бери өзгөрбөстөн кармалып келген деңгээлде, 14,5 пайыз өлчөмүндө чектеп туруу коштогон.

**1.2.5-сүрөт. МКВ кирешелүүлүгүнүн өзгөрүүсү**





## 1.3. Тышкы экономикалык шарттар[1]

Алдын ала маалыматтар боюнча 2012-жылдын 3-чейреги ичинде Кыргыз Республикасынын соода балансынын тартыштыгы 2011-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 69,5 пайызга көбөйүү менен 892,2 млн. АКШ долларын түзгөн.

Отчеттук мезгил ичинде тышкы соода жүгүртүү 1 726,4 млн. АКШ долларында катталган, бул өткөн жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда 3,1 пайызга көп.

[1] эгерде башкасы көрсөтүлбөсө, Улуттук банктын кошумча баалоолорун эске алуу менен КР УСКнын КР МБК маалыматтары боюнча.

**1.3.1-сүрөт. Тышкы соода**




2012-жылдын үчүнчү чейрегинде товарлар экспорту (ФОБ баасында) 2011-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 27,4 пайызга кыскаруу менен 417,1 млн. АКШ доллары чегинде катталган. Отчеттук мезгил ичинде алтынды экспорттоо көлөмү төмөндөө багытын улантып, анын натыйжасында экспорттун чогуу алгандагы көлөмүндө бул статьянын салыштырма салмагы 13,3 пайызга кыскарган (төмөндөө 78,5 пайызга же абсолюттук мааниде алганда 202,4 млн. АКШ доллары). Мындай төмөндөө берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн 77,1 пайызга азайышынын жана экспорттук баанын 6,2 пайызга төмөндөшүнүн эсебинен жүргөн. Мындан тышкары, автоунаалардын тетиктери жана ага тиешелүү буюмдардын, жашылчалардын, авиакеросиндин (борттук запастардын чыгарылышы) жана мурда колдонууда болгон автоунааларды берүү көлөмүнүн төмөндөшү белгиленген. Ушуну менен бирге эле, айнектерди, кендерди жана баалуу металлдардын концентраттары, жүк ташуучу жана атайы иштерге каралган автоунааларды, ошондой эле башка органикалык эмес заттарды берүү көбөйгөндүгү байкалган. Ошентип, алтынды эске албаганда экспорт 14,3 пайызга жогорулоо менен 361,6 млн. АКШ долларын түзгөн.

Отчеттук мезгил ичинде экспорттолуучу товарлардын[1] негизги топторунун салыштырма салмагы кыйла өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Аралык товарларынын үлүшү 59,9 пайыздан 30,3 пайызга чейин төмөндөп, бул башка топтордун салыштырма салмагынын көбөйүүсүнө алып келген. Сыртка ташылган товарлардын жалпы көлөмүнүн 30,0 пайызын керектөө товарлары, ал эми 18,4 пайызын энергопродукттар ээлеген. Сырье жана инвестициялык товарлар тиешелүүлүгүнө жараша экспорттун 11,3 жана 10,1 пайызын түзгөн.

Керектөөгө багытталган товарлардын экспортунун көлөмү 2011-жылдын тиешелүү мезгилиндеги көрсөткүч деңгээлинде сакталып калуу менен 108,7 млн. АКШ долларын түзгөн. Азык түлүк товарларын берүү 0,5 пайызга, ал эми азык-түлүктөн тышкары товарлар – 0,8 пайызга өскөн.

[1] Бул жерде жана мындан ары, Улуттук банктын кошумча баалоолорун эске алуусуз, КР УСКсынын жана КР МБКтинин маалыматтары боюнча СИФ баасында.

Негизинен, азык-түлүк товарларын берүүнүн көбөйүүсү, берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн 7,3 пайызга төмөндөшүнүн алкагында, экспорттук баалардын 37,5 пайызга көбөйүүсүнүн эсебинен жемиштер менен жаңгактар экспортунун (27,4 пайызга же 4,0 млн. АКШ долларына) нарктык көлөмүнүн өсүшү менен шартталган. Мындан тышкары отчеттук чейрек ичинде, физикалык көлөмдүн 2,5 пайызга төмөндөшүнөн экспорттук баалардын 9,9 пайызга өсүшүнүн натыйжасында, сүт азыктарын берүү көлөмү 7,1 пайызга же 0,4 млн. АКШ долларына өскөн. Ошол эле учурда, экспорттук баалардын 18,9 пайызга өсүшүнөн берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн 21,4 пайызга төмөндөшүнөн улам, жашылчаларды алып чыгаруунун нарктык көлөмүнүн кыскаруусу (6,6 пайызга же 0,8 млн. АКШ долларына) жүргөн.

Азык-түлүктөн тышкары товарлар түзүмүндө экспорт көлөмүнүн өсүшү, кийим-кече жана ага тиешелүү буюмдар (3,7 пайызга же 1,6 млн. АКШ долларына өсүш) жана ысытуучу лампалар (физикалык көлөмдүн 16,9 пайызга төмөндөсүнөн экспорттук баалардын 52,5 пайызга өсүшүнөн улам, 26,8 пайызга же 1,3 млн. АКШ долларына өсүш) сыяктуу товардык позициялардын эсебинен жүргөн. Ушуну менен бирге эле, мурда колдонулган автоунааларды берүү көлөмүнүн 18,7 пайызга же 0,3 млн. долларга кыскаруусу белгиленген, бул айкын экспорттук баалардын 2,0 эсеге өсүшүнөн берүүнүн физикалык көлөмүнүн 60,3 пайызга төмөндөшүнүн эсебинен жүргөн.

ФОБ баасында товарлар импорту[1] жылдын отчеттук чейреги ичинде 18,9 пайызга өсүп, 1 309,3 млн. АКШ долларын түзгөн. Импорттун өзгөрүүсүн мунай заттарын берүүнүн 30,2 пайызга же 73,3 млн. АКШ долларына көбөйүшү аныктаган, бул экспорттук баалардын 7,2 пайызга өсүшү шартында берүүнүн физикалык көлөмүнүн 21,5 пайызга өсүшү менен шартталган. Алынып келинген товарлардын көлөмүнүн өсүшүнө олуттуу салымды ошондой эле, жүк ташуучу жана атайы максаттарда каралган автоунаалар, электр трансформаторлору, чоюн менен болоттон конструкциялар, тартылган буудай жана угуттар кошкон. Ушул эле учурда, электр линиялык телефон аппараттарынын, кийим-кече жана ага тиешелүү буюмдардын, мурда колдонулган автоунаалардын жана буудай менен угут ундарын ташып келүү көлөмүнүн кыскаруусу байкалган.

Импорттун функционалдык түзүмүндө[2] кароого алынган мезгил ичинде энергопродукттардын (22,8 пайыздан 24,3 пайыздан) жана инвестициялык товарлардын (13,8 пайыздан 18,0 пайыздан) салыштырма салмагынын өсүшү байкалган. Ушундан улам жана берүүлөрдүн нарктык көлөмүнүн төмөндөшүнөн улам, керектөө товарларынын үлүшү 29,0 пайызга кыскарган.

Аралык товарлар импортунун жалпы көлөмүнүн 24,9 пайызын, ал эми чийки зат – 3,9 пайызды түзгөн. Отчеттук чейрек ичинде керектөө

[1] Импорт СИФ баасында 1 415,1 млн. АКШ долл., соода балансынын тартышуутыгы СИФ баасында–998,0 млн. долларды түзгөн.

[2] Бул жерде жана мындан ары, Улуттук банктын кошумча баалоолорун эске алуусуз, КР УСКсынын жана КР МБКтинин маалыматтары боюнча СИФ баасында.

багыттарындагы товарлардын импорту 7,0 пайызга кыскаруу менен 414 млн. АКШ доллары көлөмүнө жеткен. Төмөндөө азык-түлүктөн башка товарлардын импортунун 11,1 пайызга кыскарышы менен шартталган. Ал эми товарлардын азык-түлүк тобун берүүлөр 1,2 пайызга өскөн.

Азык-түлүк товарларынын түзүмүндө, импорттук баанын 18,1 пайызга өсүшү менен катар эле, физикалык көлөмдүн 23,4 пайызга өсүшүнүн натыйжасында, дан эгиндеринен алынган азыктардын импортунун көлөмү арткан (45,6 пайызга же 4,1 млн. АКШ долларына). Физикалык көлөмүнүн 12,5 пайызга кыскарышы шартында баанын 47,3 пайызга көбөйүүсү минерал сууларынын жана алкоголсуз суусундуктардын нарктык көлөмүнүн 29,0 пайызга же 2,0 млн. АКШ долларына өсүшүнө алып келген. Ушуну менен катар эле, ташып келүүнүн физикалык көлөмүнүн 29,6 пайызга жана баанын 7,4 пайызга төмөндөшү кофени жана чайдын импортунун нарктык көлөмүнүн 34,9 пайызга (же 6,6 млн. АКШ долларына) төмөндөшүн шарттаган.

Азык-түлүктөн башка товарлар курамында, берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн импорттук баанын 9,2 пайызга өсүшү шартында, 24,7 пайызга төмөндөшү, республикага мурда колдонулган автомобильдердин алынып келишинин 17,8 же 12,2 млн. АКШ долларга кыскаргандыгы байкалган. Ошондой эле, физикалык көлөмдүн 10,9 пайызга өсүшү шартында, импорттук баанын 25,7 пайызга төмөндөшүнөн улам, медикаменттерди берүүлөрдүн наркы кыскарган (17,6 пайызга же 7,0 млн. АКШ долларына). Ушул эле учурда, физикалык көлөмүнүн 15,6 пайызга жана импорттук баанын 11,5 пайызга көбөйүүсү, сигареттерди берүүлөрдүн нарктык көлөмүнүн 28,9 пайызга (же 3,1 млн. АКШ долларына) көбөйүүсүнө алып келген. Мындан тышкары, физикалык көлөмү 11,7 пайызга кыскарган шартта, баанын 20,8 пайызга өсүшүнүн натыйжасында, эфир майларын берүүлөр өскөн (6,6 пайызга же 1,2 млн. долларга).

## 1.4. Алмашуу курсу

2012-жылдын үчүнчү чейрегинде алмашуу курсунун динамикасы ар тараптуу багытта түптөлгөн. Алсак, үчүнчү чейректин биринчи жарымында АКШ долларынын алмашуу курсунун өсүшү сакталып калгандыгы белгиленген. 2012-жылдын август айында негизинен акча которуу системалары боюнча агымдын, ошондой эле күндөлүк төлөмдөрдүн артышынын эсебинен, валюта курсунун төмөндөөсү катталган. 2012-жылдын үчүнчү чейрегинин акырында рыноктук суроо-талап менен сунуштун дисбалансы шартында, доллардын курсунун көбөйүүсү белгиленген.


Сентябрь айынын акырына карата АКШ долларынын алмашуу курсу июнь айынын акырындагы көрсөткүчкө салыштырганда 0,2 пайызга төмөндөө менен 1 доллар үчүн 47,1484 сомду түзгөн (2011-жылдын үчүнчү чейрегинде курс 0,5 пайызга төмөндөгөн эле).

Июль-сентябрь айларында АКШ долларына карата талапты колдоонун

негизги себеби катары, кардарлардын импорттук контракттарын тейлөө боюнча банктык операциялардын, анын ичинде КММны жана керектөө товарларын берүүлөрдүн көлөмүнүн сакталышын, ошондой эле микрокредиттик компаниялар тарабынан чет өлкө кредиттеринин ордунун жабылышын атоого болот.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде валюта рыногундагы сакталып турган туруктуу жагдай Улуттук банкка акча-кредиттик жөнгө салуунун белгиленген милдеттерине ылайык, валюта рыногуна катышуу деңгээлин төмөндөтүү саясатын улантууга өбөлгө түзгөн. Отчеттук мезгил ичинде Улуттук банк валюталык интервенцияларды ишке ашырган эмес.

**1.4.1-сүрөт. АКШ долларынын эсептик курсунун өзгөрүү арымы**
*(тиешелүү жылдын башталышына карата пайыздарда)*




# 2-глава. Инфляция жана аны түзүүчүлөр

## 2.1. Керектөө баа индексиндеги өзгөрүүлөргө талдап-иликтөөлөр

2012-жылдын сентябрь айында керектөө бааларынын индексинин жылдык мааниси (2011-жылдын сентябрь айына карата) 104,4 пайызды түзгөн. Ал эми бир жыл мурда бул көрсөткүч 113,0 пайыз чегинде катталган эле. Керектөө бааларынын индексинин куржунунун түзүмүндө товарлардын азык-түлүк тобунун баасы боюнча 1,4 пайызга төмөндөгөн болсо, азык-түлүктөн башка товарлар жылдык мааниде алганда 9,9 пайызга жогорулаган. Ал эми алкоголдук ичимдиктердин жана тамекинин баасы 8,6 пайызга өсүп, акы төлөнүүчү кызматтар 9,7 пайызга кымбаттаган.

Жылдын үчүнчү чейрегинде керектөө баасынын индекси 2,2 пайызга өскөн, бул дүйнөлүк товардык жана чийки зат рынокторунда азык-түлүккө баанын өсүшүнүн терс таасири орун алып турган шартта айрым азык-түлүк товарларына баанын олуттуу өсүшү менен шартталган.

**2.1.1-сүрөт. КБИнин жылдын өзгөрүү чеги жана аны түзүүчүлөр**





Үчүнчү чейректе азык-түлүк товарлары 2,0 пайызга, азык-түлүктөн башка товарлар 2,1 пайызга жогорулап, алкоголдук ичимдиктер жана тамекинин баасы 1,7 пайызга өскөн болсо, акы төлөнүүчү кызматтарга баанын жогорулоосу 3,2 пайыз чегинде катталган.

### 2.1.1. Азык-түлүк товарларына баанын өзгөрүүсү


Керектөө куржунунун түзүмүндө азык-түлүк товарлары 46 пайызга жакынды ээлейт жана инфляция да аларга ылайык эсептелинет. Ошентип, азык-түлүк товарларга бааны өзгөрүүсү өлкөдө инфляцияга таасир эткен аныктоочу фактордон болуп саналат.

**2.1.2-сүрөт. 2008-2012-жылдарда КБИнин эсептөө куржунунун түзүмү**
*(жыйынтыкка карата пайыздарда)*




Азык-түлүк товарларына баа жылдык мааниде алганда, 2012-жылдын сентябрь айынын жыйынтыгы боюнча 1,4 пайызга төмөндөгөн (2011-жылдын тиешелүү мезгили ичинде бул товарларга баа 17,5 пайызга өскөн эле). Азык-түлүк товарларынын түзүмүндө жана азыктарына жана талканга эң чоң салыштырма салмак туура келген. Сентябрь айында нан азыктарына жана талканга баа жылдык мааниде алганда 3,0 пайызга төмөндөгөн. Анын ичинде 1-сорттогу буудай уну 1,5 пайызга арзандаган. Ушуну менен катар эле, үчүнчү чейректе нан азыктарына жана талканга баанын 10,6 пайызга өсүшү, 2012-жылы буудайдын түшүмдүүлүгүнүн аз алынышынын алкагында, дүйнөлүк рынокто буудайга жана андан алынган азыктардын баасынын өсүшү менен шартталган.

**2.1.3-сүрөт. Азык-түлүк товарларынын баасынын жылдык өзгөрүү чеги**



2012-жылдын үчүнчү чейрегине жашылча-жемиштерге баа 9,6 пайызга төмөндөгөн. Анын ичинде мөмө-жемишке баа 4,8 пайызга төмөндөп, жашылча 112,1 пайызга арзандаган.

Кыргызстанда кантка баанын өзгөрүүсү жылдык мааниде алганда 20,5 пайызга төмөндөгөн, ал эми 2011-жылдын сентябрь айында кантка баа жылдык маанисинде 21,3 пайызга өсүп кеткен. Жакын арада Кыргызстанга канттын келип түшүүсүндө үзгүлтүктөр болбойт, импорттолуп алынган канттын наркы да туруктуу сакталып калат.

2012-жылдын сентябрь айынын жыйынтыгы боюнча “майлар жана тоң майлар” товарларынын баасы 2,1 пайызга төмөндөгөн, 2011-жылы бул көрсөткүч 19,2 пайызга өскөн эле. “Майлар жана тоң майлар” товарлар тобуна баанын учурдагы өзгөрүүсү айрыкча, май алынуучу өсүмдүктөн 2011-жылы мол түшүм алынышы менен шартталган.


Үчүнчү чейрек ичинде сүт азыктарына керектөө баасы өсүп, 3,3 пайызды түзгөн. Жылдык өлчөөдө сүт азыктары 5,2 пайызга кымбаттаган.

Эт азыктарына баа жылдын сентябрь айынын жыйынтыгы боюнча жылдык мааниде алганда, 1,4 пайызга төмөндөгөн.

### 2.1.2. Азык-түлүктөн башка товарларга баанын өзгөрүүсү

Азык-түлүктөн башка товарларга баа индексинин жылдык мааниде алгандагы өсүшү 9,9 пайызды түзгөн, бул 2011-жылдагы ушул көрсөткүчтөн 0,7 п.п. төмөн. Азык-түлүктөн башка товарларга баанын өсүшүнө эң чоң салымды, “кийим-кечелер жана бут кийимдер” товарлар тобуна баанын өсүшү кошкон. Бул топтун баасы 13,1 пайызга өскөн. Электрэнергиясына, газга жана отундун башка түрлөрүнө баанын өсүшү 6,4 пайызды, үй тиричилигине керектүү буюмдарга жана тиричилик буюмдарына баа, сентябрь айынын жыйынтыгы боюнча 10,4 пайызга жогорулаган. Күйүүчү майлоочу материалдардын (КММ) наркы жылдык мааниде алганда 0,4 пайызга өскөн болсо, бензинге баа 0,2 пайызга төмөндөгөн, ал эми дизель отунуна баа 6,7 пайызга өскөн. Үчүнчү чейрек ичинде КММга баа 1,7 пайызга өсүп, бензин 1,9 пайызга кымбаттап, ал эми дизель отуну 0,5 пайызга арзандаган.


**2.1.4-сүрөт. Азык-түлүктөн башка товарларга баанын жылдык өзгөрүү чеги**




## 2.1.3. Кызмат көрсөтүүлөргө баанын өзгөрүүсү

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде акы төлөнүүчү кызматтарга баа индекси жылдык мааниде алып караганда, 9,7 пайызга өскөн (2011-жылдын ушул эле мезгилинде 12,4 пайызга). Бул топко баа индексинин өсүшү эң башкысы, тойканалар жана мейманканалар кызматтарынын 13,1 пайызга, ошондой эле билим берүү (+11,8 пайыз) жана транспорттук кызматтардын (+11,1 пайыз) кызматташынын эсебинен жүргөн. Саламаттыкты сактоо кызматтары 12,0 пайызга кымбаттаган.

**2.1.5-сүрөт. Акы төлөнүүчү кызматтарга баанын жылдык өзгөрүүсү**





## 2.1.4. Региондордогу керектөө баасынын өзгөрүү чеги


2012-жылдын сентябрь айынын жыйынтыгы боюнча республиканын баардык областтарында керектөө баасынын жалпы деңгээлинин өсүш

арымы басаңдаган. Баткен жана Ош областтарында баа, тиешелүүлүгүнө жараша 9,3 жана 5,8 пайызга, Жалал-Абад областында – 9,1 пайызга, Талас областында – 5,3 пайызга, Нарын областында – 7,3 пайызга жогорулаган болсо, Чүй областында баа 3,2 пайызга өсүп, Ысык-Көл областындагы баа индекси 4,0 пайызга жогорулаган.

Бишкек шаарында керектөө баасы 3,2 пайызга өскөн, мында тамак-аш азыктары 2,8 пайызга арзандап, алкоголдук ичимдиктер жана тамеки заттарынын баасы 7,6 пайызга, азык-түлүктөн башка товарларга баа 9,0 пайызга жана акы төлөнүүчү кызматтарга 8,9 пайызга өскөн.

**2.1.6-сүрөт. Региондордо КБИнин өзгөрүү чеги**
*(пайыздарда)*




## 2.2. Базалык инфляция


Базалык инфляция баанын кыска мөөнөттүк, түзүмдүк жана сезондук өзгөрүүсүн жокко чыгарган баа динамикасынын көрсөткүчү катары аныкталат, б.а. инфляция көрсөткүчүн эсептөөдөн түшүмдүн аз алынышы, товардык-чийки зат рынокторунда баа таасирлери, тарифтерди административдик өзгөртүүлөр ж.б. сыяктуу сезондук же тышкы факторлор менен шартталган товарларга баанын өсүшү эске алынбайт.

Төмөндө жөнөкөй эсептен алып салуу ыкмасында эсептелинген базалык инфляциянын өзгөрүү чеги чагылдырылган. Бул ыкма, КБИни эсептөөдөн аларга баа бир жолку же кыска мөөнөттүк мүнөздөгү ар кандай таасирлерден өтө эле көз каранды болгон товарлар жана кызмат көрсөтүүлөрдүн айрым категорияларын же бүтүндөй тобун алып салууну болжолдойт. Адаттагыдай эле, буга айрым азык-түлүк товарларын, энергопродукцияларды жана Өкмөт тарабынан административдик жол менен белгиленген тарифтерди кошууга болот.

КР УКСынын ыкмасы боюнча эсептелинген базалык инфляциянын жылдык мааниси 2012-жылдын сентябрь айынын жыйынтыгы боюнча 2,6 пайызды түзгөн, ал эми “арылтылбаган” инфляция 4,4 пайыз чегинде катталган. Бул жерде, базалык инфляция 4 көрсөткүчүн графика түрүндө

чагылдырылышы (азык-түлүк товарларын, электрэнергиясын, газды жана отундун башка түрлөрүн толугу менен алып салган) азык-түлүк рыногунда түптөлгөн жагдай республикада керектөө баа динамикасы үчүн аныктоочу болуп саналаарын белгилеп кетүү зарыл. Бул көрсөткүч туруктуу мүнөзгө ээ болуу менен бир аз маанилер дисперсиясына ээ.

**2.2.1-сүрөт. Базалык инфляциянын эсептик көрсөткүчүнүн жылдык өзгөрүү чеги**




Базалык инфляция 1 – мында төмөнкү түрлөрү алынып салынат: (1) нан азыктары жана талкандар, (2) майлар жана тоң майлар, (3) жашылча-жемиштер, (4) газ, (5) ремонт иштери жана курулуш үчүн материалдар.

Базалык инфляция 2 – мында төмөнкү түрлөрү алынып салынат: (1) эт, (2) жашылча-жемиштер, (3) газ, (4) ремонт иштери жана курулуш үчүн материалдар.

Базалык инфляция 3 – мында төмөнкү түрлөрү алынып салынат: (1) нан азыктары жана талкандар (2) сүт азыктары, (3) жашылча-жемиштер, (4) газ, (5) ремонт иштери жана курулуш үчүн материалдар.

Базалык инфляция 4 – азык-түлүк товарлары жана электроэнергия, газ жана отундун башка түрлөрү толугу менен алынып салынат.

УСКнын базалык инфляциясында – сүт, кант, жашылча-жемиштердин айрым түрлөрү, алкоголдук ичимдиктер жана тамеки заттары, КММ, “электрэнергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү” тобуна кирген товарлар, эл ташуучу транспорт, байланыш кызматтары жана башкалар алынып салынат.

# 3-глава. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акча-кредит саясаты маселелери боюнча чечимдери

## 3.1. Улуттук банк Башкармасынын негизги чечимдери

2012-жылдын 27-августунда акча-кредит чөйрөсүндө түптөлгөн жагдайга баа берүү жана экономиканын өнүгүү натыйжаларына талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү үчүн Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2012-жылдын биринчи жарым жылдыгы ичиндеги акча-кредит саясат жөнүндө отчет кароого алынып (№35/1 токтом), кийинки мезгилге акча-кредиттик программа колдоого алынган. Акча-кредиттик программада кыска мөөнөттүк мезгилге акча-кредит саясатынын негизги багыттары, ошондой эле саясатты ишке ашыруу үчүн индикативдик параметрлер аныкталган.

2012-жылдын биринчи жарым жылдыгы ичиндеги акча-кредит саясат жөнүндө кыскартылган отчет маалымат иретинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине, Президенттин Аппаратына, Өкмөттүн Аппаратына, Финансы министрлигине жана Экономика, монополияга каршы саясаты министрлигине жөнөтүлүп, Улуттук банктын расмий веб-сайтында жарыяланган.

## 3.2. Акча-кредиттик жөнгө салуу комитетинин негизги чечимдери

Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети акча-кредит чөйрөсүндө оперативдүү чечимдерди иштеп чыгууну жана кабыл алууну жүзөгө ашырышат. Комитет жума сайын акча рыногунда калыптанган жагдайга баа берүүлөрдүн жыйынтыгынын негизинде чечимдерди кабыл алат. Кароого алынган мезгил ичинде банк тутумундагы ликвиддүүлүктү жөнгө салуу боюнча операциялардын көлөмү, 2012-2014-жылдарга акча-кредит саясатынын негизги багыттарында, келерки мезгилге акча-кредиттик программада көрсөтүлгөн, максаттары жана милдеттери Улуттук банк Башкармасы тарабынан банк тутумундагы, салык бюджет чөйрөсүндөгү абалды эске алуу менен Комитет тарабынан аныкталган.

Үчүнчү чейректе Комитеттин 13-отуруму өткөрүлгөн. Банк тутумундагы ликвиддүүлүктү жөнгө салуу ноталардын жумалык аукциондорун өткөрүү, ошондой эле коммерциялык банктардын үстөк камдарын кошумча жеңилдетүү максатында, репо-шарттарында мамлекеттик баалуу кагаздарды сатуу операцияларын жүргүзүү аркылуу ишке ашырылган.

Комитет ишке ашырып жаткан акча-кредит саясатынын алкагында Улуттук банктын жүгүртүүдөгү ноталарынын индикативдик көлөмүн 2012-жылдын июнь айынын акырындагы 2,1 млрд. сом деңгээлинен жылдын сентябрь айынын акырындагы 1,8 млрд. сом деңгээлине чейин, ал

эми репо-шарттарында сатылган мамлекеттик баалуу кагаздардын көлөмүн 1.2 млрд. сомдон 500,0 млн. сомго чейин төмөндөтүү чечимин кабыл алган.

Белгилүү бир мезгил аралыгында валюта рыногундагы туруктуу жагдай Улуттук банкка банктар аралык валюта рыногуна катышпоого өбөлгө түзгөн. Ошентип, Улуттук банк отчеттук мезгил ичинде валюталык интервенцияларды ишке ашырган эмес.

# 4-глава. Инфляция көрсөткүчүн болжолдоолор

## 4.1. Инфляцияга таасир эткен негизги факторлордун өзгөрүүсүн болжолдоолор

2012-жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча ИДӨнүн төмөндөшү, 2011-жылдагы 8,3 пайыздык өсүшкө караганда, 4,6 пайызды түзгөн. Ушул басылманын өткөн чыгарылыштарында белгиленгендей эле, экономикадагы төмөндөөлөр алтын өндүрүү көлөмүнүн кыскарышына байланыштуу жүргөн. “Кумтөр” алтын кенин казып алуу ишканаларын эске албаганда, ИДӨнүн реалдуу өсүшү 3,8 пайыз чегинде катталган.

Жылдын тогуз айы ичинде ИДӨнүн терс өсүш арымда болгондугун эске алганда жана бүтүндөй жыл жыйынтыгы боюнча экономиканын бир аз гана – 1,0 пайыздан ашпаган чекте өсүшү күтүлүүдө. Ошентип, экономиканын өсүшү кайра иштетүү өндүрүшүнүн өсүш арымынан айрыкча көз карандылыгы келип чыгууда. Буга кызмат көрсөтүү сектору, курулуш жана айыл чарбасы орчундуу салым кошо тургандыгы күтүлүүдө.

Кыргызстандын мындан ары экономикалык өнүгүшү: экономиканын негизги тармактарынын туруктуу өнүгүшү, соода боюнча өнөктөш өлкөлөрдөгү экономикалык өсүш арым, ошондой эле өлкөдөгү коомдук саясый жагдайдын туруктуулугу сыяктуу ички жана тышкы факторлорго жараша калыптанат.

Ошол эле учурда, өлкө экономикасы үчүн анын экономикалык жигеринин басаңдатышы мүмкүн болгон тобокелдиктер да мүнөздүү. Көпчүлүк эл аралык уюмдар 2012-2013-жылдарга дүйнөлүк экономикалык өсүшкө карата өз болжолдоолорун, макроэкономикалык көрсөткүчтөрдүн учурдагы абалына жараша төмөндөө жагына ык коюу менен белгилешүүдө.

Демек, өнүккөн өлкөлөрдөгү экономиканын өсүш арымынын төмөндүгү жана алардын финансылык жана соода каналдары аркылуу өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн экономикасына терс таасир этиши, Кыргызстандын тышкы экономикалык жагдайдан көз карандылыгын тереңдетүүдө.

Өтүп жаткан жылы акча которуулардын өсүш арымынын басаңдашы мурдагыдай эле, тышкы шарттардын туруксуз болуп жатышын далилдөөдө. Мындай жагдай өлкөнүн кыска мөөнөттүк аралыкта андан ары өнүгүшүндө кооптуулукту жаратат, анткени өлкөгө акчалай которуулардын агымы керектөөнүн артышына түрктү берген бирден бир башкы факторлордон болуп саналат.


Өлкөнүн макроэкономикалык потенциалына баа берүү үчүн потенциалдуу ИДӨ менен айкын түптөлгөн ИДӨнүн ажырымын эсептөө ишке ашырылат.

2012-жылдын январь-сентябрь айларында учурда экономикада өндүрүштүк мүмкүнчүлүктөр жетишсиз ишке киргизилбей жаткандыгын чагылдырган терс ажырым орун алган. Ушул мезгил ичинде орточо алганда, айкын ИДӨ 7,0 пайыз чегинде катталган (көмүскө секторду эске

албагандагы ИДӨ), бул потенциалдуу ИДӨдөн 5,1 пайызга аз (көмүскө секторду эске алгандагы ИДӨ).

Кайрадан каралып чыккан болжолдоолорго ылайык, быйылкы жылы потенциалдуу ИДӨнүн анын айкын маанисинен артышы жагдайы сакталат. Ошондой болсо да, «Центерра Голд Инк.» жылдын 4-чейрегинде алтындын пландаштырылган көлөмүнүн олуттуу бөлүгүн казып алууну пландаштырылып жаткандыгын эске алганда, жыл акырына карата жогоруда белгиленген ажырым кыскарышы күтүлүүдө.

**4.1.1-сүрөт. Айкын жана потенциалдуу ИДӨнү болжолдоолор**





## 4.2. 2012-жылга жана 2012-жылдын IV чейрегине инфляцияны болжолдоолор

2012-жылдын жыйынтыгы боюнча инфляция 8,5 пайыз деңгээлинде күтүлүүдө. Бул болжолдоолордо жылдын биринчи жарым жылдыгындагы баанын өзгөрүү чеги жана жылдын экинчи жарымында айыл-чарба азык-түлүгүн өндүрүүчү өлкөлөрдө аба-ырайынын ыңгайсыздыгынан улам, азык-түлүк рынокторунда дүйнөлүк баанын өсүшү алкагында экинчи жарым жылдыкта керектөө баасынын акырындап өсүшү эске алынган.

Бүгүнкү күндө дүйнөлүк азык-түлүк рынокторундагы баа динамикасы, бул жылы түшүмдүүлүктүн аз болушу кесепетинин таасири толугу менен абсорбацияланган. Бирок убактылуу тыныгуу мүмкүнчүлүгүн эске алганда, ички баанын товардык рыноктордогу таасирлерге дуушарлануусу 2012-жылдын орто ченине чейин сакталышы ыктымал.


*2012-жылдын октябрь айынын жыйынтыгы боюнча негизги азык-түлүк товарларына дүйнөлүк баа динамикасы акыркы эки ай катары менен туруктуу сакталып калууда. Бирок акыркы учурда биздин региондо дан сунушун административдик чектөө тобокелдиги күчөп жатат. Алсак, Украинанын дан экспортун ачыкка чыгарбастан квоталоосунун өзү, мунун айкын белгиси. Мына ушундай эле жагдай Россияда жүрүшү мүмкүн. Рыноктун көз карандысыз аналитиктеринин пикири боюнча, Россиянын буудайдын экспортунун өсүшүнүн учурдагы арымы сакталып калган шартта, сунушталган экспорттук потенциалдын чегине (10-14 млн. тонна) ушул эле жылы жетип калышы ыктымал. Мындан соң Өкмөт экспорту чектөө боюнча чараларды көрүүгө мажбур болот. Бул жерде ошондой эле, Россия Бажы союзунун мүчөсү экендигин жана дан эгининин экспортун чектөө, 2010-жылы болуп өткөндөй эле Бажы союзуна кирген бардык өлкөлөргө таасир этиши ыктымал. Бажы союзунун чегинен тышкары дан экспортуна чектөөлөр киргизилген шартта, республиканын ички рыногундагы баага тиешелүү деңгээлде таасир этиши мүмкүн.*

**4.2.1-сүрөт. КБИнин жылдык өзгөрүү чеги жана GSCIag индекси***




* GSCI-ag (Goldman Sachs Commodity Index-agricultural) – физикалык азык-түлүк (айыл-чарба) товарларына жигердүү сатылуучу фьючерстик контрактылардын баа индекси – бул биржалык товарларды топ катары көрсөтүү үчүн «Goldman Sachs» инвестициялык банкы тарабынан иштелип чыккан.


**4.2.2-сүрөт. Инфляциянын жылдык маансиин болжолдоо**



2012-жылдын 3-чейрегинде инфляция 2,2 пайыз деңгээлинде катталган, бул 2-чейрек үчүн ушул басылмада жарыяланган болжолдоонун чегинде (2,7 пайыз) сакталып калган. Буга чейин күткөндөй эле, дүйнөлүк товардык-чийки зат рынокторунда баанын өсүшү ички рынокто керектөө товарларына баанын жогорулоосуна алып келген.

Жылдын 4-чейрегинде керектөө баасынын динамикасы азык-түлүккө дүйнөлүк баанын басымы астында калыптанат. Бирок товардык рыноктордогу дүйнөлүк баага байланыштуу терс таасирлер 3-чейректегиге караганда, кыйла төмөн болушу күтүлөт. 4-чейректе инфляциянын негизинен, сезондук факторлордун таасири астында калыптанат. Бүтүндөй алганда, жылдык 4-чейреги ичинде керектөө баасынын индекси 5,0 пайыз чегинде болжолдонууда, ал эми жыл жыйынтыгы боюнча жылдык инфляция 8,5 пайыз деңгээлинде күтүлүүдө.

**4.2.3-сүрөт. 2012-жылдын IV чейрегине инфляциялык болжолдоолор**



# Статистикалык тиркеме

## 1-таблица. Керектөө бааларынын индекси

*(өткөн айга карата ай, пайыздарда)*

| | 2012-жыл | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **янв.** | **фев.** | **март** | **апр.** | **май** | **июнь** | **июль** | **авг.** | **сен.** |
| **Товарларга ж-а кызмат көрс-гө керектөө бааларынын индекси** | **100,8** | **100,1** | **100,0** | **99,8** | **100,7** | **99,6** | **100,1** | **100,9** | **101,1** |
| Товарлар | 100,8 | 99,9 | 100,0 | 99,6 | 100,4 | 99,5 | 100,0 | 101,1 | 100,9 |
| Тамак-аш продуктулары жана алкоголсуз суусундуктар | 100,7 | 99,3 | 99,4 | 98,7 | 100,1 | 98,7 | 99,7 | 101,4 | 100,9 |
| Алкоголдуу ичимдиктер, тамеки заттары | 100,1 | 100,9 | 100,2 | 100,8 | 100,6 | 100,5 | 100,5 | 100,9 | 100,3 |
| Азык-түлүктөн башка товарлар | 101,3 | 100,6 | 100,7 | 100,5 | 100,7 | 100,2 | 100,4 | 100,7 | 101,1 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | 100,7 | 100,7 | 100,2 | 100,6 | 102,6 | 100,2 | 100,7 | 100,2 | 102,2 |
| Тамак-аш продуктулары жана алкоголсуз суусундуктар | 100,7 | 99,3 | 99,4 | 98,7 | 100,1 | 98,7 | 99,7 | 101,4 | 100,9 |
| Нан азыктары жана таруу | 98,2 | 98,7 | 99,2 | 99,5 | 99,0 | 99,3 | 102,0 | 107,7 | 100,7 |
| жогорку сорттогу буудай уну | 98,0 | 99,2 | 99,4 | 99,7 | 98,7 | 98,4 | 103,5 | 112,0 | 100,4 |
| биринчи сорттогу буудай уну | 94,9 | 96,9 | 98,7 | 99,5 | 98,1 | 98,4 | 104,0 | 114,1 | 102,3 |
| нан | 99,4 | 99,4 | 99,3 | 99,9 | 99,9 | 99,7 | 102,2 | 109,5 | 100,3 |
| Эт | 101,9 | 99,8 | 98,6 | 99,3 | 99,8 | 99,4 | 99,6 | 100,0 | 99,8 |
| Балык | 102,3 | 100,0 | 101,1 | 102,2 | 100,8 | 99,7 | 101,4 | 101,5 | 102,8 |
| Сүт азыктары, сыр жана жумуртка | 102,1 | 100,2 | 98,9 | 97,3 | 96,2 | 96,3 | 97,0 | 100,1 | 106,4 |
| Май жана тоң майлар | 100,0 | 99,5 | 99,6 | 98,9 | 99,0 | 99,7 | 99,8 | 100,1 | 101,1 |
| Жемиштер жана жашылчалар | 103,6 | 98,5 | 101,1 | 94,6 | 102,7 | 95,6 | 95,9 | 91,4 | 103,1 |
| жемиштер | 100,0 | 100,8 | 100,8 | 100,5 | 101,6 | 110,4 | 105,1 | 84,0 | 107,9 |
| жашылчалар | 105,1 | 97,6 | 101,3 | 92,3 | 103,2 | 89,3 | 91,1 | 95,9 | 100,6 |
| Кумшекер, джем, бал, шоколад жана конфеттер | 101,1 | 99,3 | 100,0 | 99,6 | 104,4 | 99,1 | 98,4 | 99,4 | 98,1 |
| кумшекер | 100,8 | 99,0 | 100,1 | 99,1 | 109,3 | 98,3 | 96,6 | 98,8 | 95,3 |
| Башка тамак-аш азыктары | 100,9 | 100,4 | 99,5 | 99,7 | 100,4 | 100,2 | 100,1 | 100,1 | 102,1 |
| Алкоголсуз суусундуктар | 101,0 | 101,1 | 98,8 | 100,5 | 100,1 | 100,1 | 100,0 | 100,7 | 100,1 |
| Алкоголдуу ичимдиктер жана тамеки заттары | 100,1 | 100,9 | 100,2 | 100,8 | 100,6 | 100,5 | 100,5 | 100,9 | 100,3 |
| алкоголдуу ичимдиктер | 100,0 | 101,2 | 100,0 | 100,9 | 100,5 | 100,0 | 100,2 | 101,3 | 100,4 |
| тамеки заттары | 100,5 | 99,9 | 100,8 | 100,4 | 100,9 | 101,9 | 101,3 | 100,0 | 100,1 |
| Кийим-кече жана бут кийим | 101,9 | 100,2 | 102,1 | 101,9 | 101,2 | 100,6 | 100,3 | 100,4 | 101,4 |
| кийим-кече | 102,2 | 100,1 | 100,1 | 101,1 | 101,1 | 100,6 | 100,4 | 100,4 | 101,4 |
| кийим тигүү үчүн материалдар | 102,6 | 100,0 | 100,2 | 100,4 | 100,8 | 100,4 | 102,3 | 100,2 | 100,4 |
| эр адамдар үчүн кийим | 102,1 | 100,2 | 100,1 | 100,8 | 100,6 | 100,0 | 100,2 | 100,6 | 101,4 |
| аялдар үчүн кийим | 102,3 | 99,7 | 100,2 | 101,2 | 101,0 | 100,1 | 100,4 | 100,0 | 101,9 |
| балдар жана ымыркайлар үчүн кийим | 102,2 | 100,3 | 99,4 | 101,4 | 102,0 | 102,0 | 100,3 | 100,8 | 101,0 |
| кийимди тазалоо, оңдоо жана прокатка берүү | 100,4 | 102,9 | 100,1 | 101,9 | 102,2 | 100,0 | 100,4 | 100,2 | 100,5 |
| ремонтун кошо алганда, бут кийим | 101,2 | 100,3 | 106,8 | 103,5 | 101,3 | 100,5 | 100,1 | 100,2 | 101,4 |
| эр адамдар үчүн бут кийим | 100,2 | 99,9 | 106,4 | 102,5 | 101,5 | 100,3 | 100,0 | 100,5 | 101,7 |
| аялдар үчүн бут кийим | 101,1 | 100,5 | 108,3 | 104,1 | 101,3 | 100,1 | 100,1 | 100,2 | 101,5 |
| балдар үчүн бут кийим | 102,4 | 100,3 | 102,8 | 103,1 | 100,9 | 101,6 | 100,3 | 100,1 | 101,1 |
| бут кийимди оңдоо | 100,0 | 100,1 | 113,2 | 100,3 | 100,1 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,3 |
| Турак-жай кызмат көрс-рү, суу, эл. энер-сы, газ ж-а башка отундар | 101,2 | 100,6 | 99,2 | 98,9 | 100,1 | 99,7 | 101,0 | 100,9 | 100,3 |
| турак-жай үчүн ижара төлөмү | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| турак-жайларды күтүү жана ремонттоо үчүн материалдар | 100,1 | 100,7 | 101,3 | 105,1 | 113,9 | 91,1 | 96,3 | 102,7 | 99,4 |
| кирпич | 97,0 | 101,3 | 101,2 | 104,0 | 111,2 | 91,2 | 101,8 | 99,7 | 100,0 |
| пиломатериалдар | 98,3 | 100,1 | 100,0 | 99,9 | 102,5 | 98,3 | 99,6 | 95,0 | 100,2 |
| цемент | 99,5 | 100,1 | 100,4 | 109,7 | 145,0 | 78,4 | 86,7 | 102,7 | 98,0 |
| терезеге салынуучу кесилбеген айнек | 100,0 | 101,3 | 100,0 | 98,0 | 101,0 | 99,9 | 99,9 | 100,6 | 99,0 |
| курулуш куму | 100,0 | 101,5 | 100,0 | 124,1 | 103,3 | 87,5 | 98,4 | 107,1 | 99,1 |
| шифер | 106,3 | 100,0 | 99,7 | 101,8 | 99,8 | 101,0 | 99,9 | 100,0 | 100,9 |
| турак-жайды күтүү жана ремонттоо боюнча кызмат көрсөтүүлөр | 100,0 | 100,0 | 100,2 | 109,2 | 100,0 | 111,2 | 101,7 | 100,1 | 100,5 |
| суу менен камсыз кылуу | 99,5 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 106,6 |
| электр энергиясы, газ жана башка отундар | 101,4 | 100,7 | 98,9 | 97,8 | 98,5 | 100,4 | 101,6 | 100,8 | 100,0 |
| газ | 108,5 | 100,4 | 99,3 | 100,4 | 100,2 | 100,3 | 100,4 | 99,6 | 98,2 |
| Тиричилик буюмдары жана тиричилик техникасы | 101,0 | 101,2 | 100,5 | 100,9 | 101,1 | 100,8 | 99,9 | 100,7 | 100,9 |
| үй эмеректери жана тактага төшөлүүчүлөр | 100,1 | 100,2 | 99,3 | 100,3 | 100,8 | 100,1 | 100,2 | 100,5 | 101,4 |
| тиричилик текстилдик буюмдар | 100,9 | 103,5 | 100,5 | 100,5 | 101,6 | 100,5 | 100,2 | 100,6 | 100,3 |
| тиричилик шаймандары | 100,1 | 100,6 | 103,4 | 100,2 | 100,1 | 103,5 | 100,0 | 100,3 | 101,7 |
| айнек буюмдар, ашкана жана тиричилик шаймандары | 102,3 | 102,4 | 100,2 | 100,6 | 100,6 | 100,3 | 100,1 | 103,0 | 100,8 |
| Саламаттыкты сактоо | 101,5 | 101,4 | 100,5 | 100,8 | 101,1 | 99,4 | 102,8 | 100,5 | 101,2 |
| Транспорт | 99,4 | 100,3 | 99,9 | 100,0 | 105,4 | 100,2 | 100,9 | 100,6 | 99,9 |
| автотранспортту сатып алуу | 99,8 | 100,5 | 99,7 | 97,0 | 100,4 | 101,4 | 100,7 | 100,0 | 99,3 |
| күйүүчү-майлоочу материалдар | 99,4 | 98,3 | 99,9 | 100,4 | 100,2 | 99,1 | 100,3 | 101,3 | 100,1 |
| бензин | 99,4 | 98,2 | 99,7 | 100,1 | 100,1 | 99,0 | 100,3 | 101,4 | 100,1 |
| дизель отуну | 99,9 | 99,2 | 102,2 | 103,7 | 101,1 | 99,6 | 99,5 | 99,5 | 100,6 |
| техн-лык кызмат көрс-лөр ж-а трансп. каражаттарын ремонттоо | 100,0 | 100,5 | 94,3 | 102,8 | 100,0 | 100,2 | 100,3 | 100,0 | 100,0 |
| транспорт кызмат көрсөтүүлөрү | 99,3 | 100,7 | 100,1 | 100,7 | 108,5 | 100,1 | 101,1 | 100,6 | 100,0 |
| Байланыш | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,2 | 100,0 | 100,0 |
| Эс алуу, көңүл ачуу жана маданият | 100,4 | 101,1 | 101,1 | 101,2 | 98,8 | 100,2 | 100,4 | 101,9 | 101,4 |
| маданий иш-чараларды уюштуруу б-ча кызмат көрсөтүүлөр | 100,4 | 100,3 | 100,0 | 100,4 | 100,1 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 99,5 |
| газеталар, китептер жана кеңсе товарлары | 100,4 | 101,2 | 100,2 | 101,5 | 96,8 | 100,2 | 100,0 | 103,9 | 103,2 |
| Билим берүү | 100,3 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,1 | 100,0 | 108,1 |
| Ресторандар жана мейманканалар | 102,9 | 102,0 | 100,5 | 100,8 | 101,8 | 100,0 | 100,8 | 100,0 | 101,7 |
| коомдук тамактануу | 103,0 | 102,1 | 100,5 | 100,8 | 101,8 | 100,0 | 100,2 | 100,0 | 101,7 |
| мейманкана тейлөөлөрү | 100,0 | 100,1 | 100,1 | 100,0 | 101,2 | 100,7 | 124,9 | 100,0 | 102,1 |
| Ар түрдүү товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр | 101,1 | 101,3 | 100,6 | 100,7 | 100,9 | 100,0 | 100,1 | 100,5 | 102,6 |
| жеке тейлөө | 101,3 | 101,4 | 100,3 | 100,8 | 100,5 | 100,0 | 100,1 | 100,4 | 103,0 |
| башка категорияларга кирбеген жеке колдонуудагы буюмдар | 100,0 | 101,0 | 103,3 | 100,0 | 100,2 | 100,0 | 100,1 | 101,6 | 100,2 |
| башка категорияларга кирбеген кызмат көрсөтүүлөр | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 114,1 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 |

*Булагы: КР УСК*

**2-таблица. Керектөө бааларынын индекси**
*(ай өткөн жылдын тиешелүү айына карата, пайыздар)*

| | 2012-жыл | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **янв.** | **фев.** | **март** | **апр.** | **май** | **июнь** | **июль** | **авг.** | **сен.** |
| **Товарларга ж-а кызмат көрс-гө керектөө бааларынын индекси** | **103,8** | **102,4** | **100,2** | **99,5** | **100,5** | **99,5** | **100,0** | **102,1** | **104,4** |
| Товарлар | 102,8 | 101,0 | 98,6 | 97,9 | 98,7 | 97,5 | 98,2 | 100,7 | 103,4 |
| Тамак-аш продуктулары жана алкоголсуз суусундуктар | 99,3 | 95,8 | 91,7 | 90,3 | 91,4 | 89,7 | 91,0 | 94,8 | 98,6 |
| Алкоголдуу ичимдиктер, тамеки заттары | 109,7 | 110,6 | 109,8 | 110,5 | 110,4 | 110,0 | 108,7 | 109,0 | 108,6 |
| Азык-түлүктөн башка товарлар | 110,0 | 110,3 | 110,4 | 110,1 | 110,6 | 109,8 | 109,3 | 109,0 | 109,9 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | 109,5 | 110,8 | 110,1 | 110,1 | 111,7 | 111,7 | 110,2 | 110,3 | 109,7 |
| Тамак-аш продуктулары жана алкоголсуз суусундуктар | 99,3 | 95,8 | 91,7 | 90,3 | 91,4 | 89,7 | 91,0 | 94,8 | 98,6 |
| Нан азыктары жана таруу | 96,0 | 91,1 | 84,2 | 83,1 | 83,0 | 83,0 | 84,9 | 92,3 | 97,0 |
| жогорку сорттогу буудай уну | 91,0 | 86,3 | 79,5 | 78,1 | 77,7 | 77,1 | 80,1 | 90,9 | 97,6 |
| биринчи сорттогу буудай уну | 90,2 | 82,3 | 73,1 | 72,5 | 72,5 | 72,8 | 76,6 | 89,4 | 98,5 |
| нан | 102,2 | 98,6 | 92,6 | 91,9 | 93,5 | 93,3 | 95,4 | 104,6 | 105,6 |
| Эт | 120,9 | 117,0 | 114,4 | 113,5 | 111,4 | 106,9 | 102,3 | 100,6 | 98,6 |
| Балык | 115,2 | 114,2 | 114,5 | 116,5 | 117,7 | 116,5 | 117,5 | 119,2 | 122,1 |
| Сүт азыктары, сыр жана жумуртка | 107,1 | 105,2 | 107,3 | 106,0 | 104,9 | 103,8 | 103,9 | 103,2 | 105,2 |
| Май жана тоң майлар | 105,0 | 104,3 | 101,2 | 98,8 | 96,9 | 97,2 | 96,8 | 96,8 | 97,9 |
| Жемиштер жана жашылчалар | 76,2 | 73,5 | 70,6 | 67,9 | 74,4 | 70,0 | 78,5 | 89,9 | 104,4 |
| жемиштер | 86,1 | 85,5 | 84,7 | 82,8 | 79,6 | 83,5 | 102,8 | 104,1 | 124,3 |
| жашылчалар | 72,4 | 69,0 | 65,6 | 62,5 | 72,5 | 64,5 | 68,7 | 83,8 | 95,5 |
| Кумшекер, джем, бал, шоколад жана конфеттер | 98,2 | 93,3 | 92,1 | 91,0 | 95,1 | 93,9 | 90,5 | 86,3 | 91,6 |
| кумшекер | 84,9 | 79,2 | 79,2 | 78,1 | 85,7 | 84,1 | 78,7 | 73,1 | 79,5 |
| Башка тамак-аш азыктары | 107,6 | 105,4 | 105,9 | 105,3 | 105,6 | 105,4 | 104,9 | 103,4 | 104,0 |
| Алкоголсуз суусундуктар | 110,6 | 110,9 | 106,7 | 106,1 | 107,1 | 104,3 | 103,4 | 103,6 | 103,1 |
| Алкоголдуу ичимдиктер жана тамеки заттары | 109,7 | 110,6 | 109,8 | 110,5 | 110,4 | 110,0 | 108,7 | 109,0 | 108,6 |
| алкоголдуу ичимдиктер | 108,7 | 110,0 | 109,8 | 110,8 | 110,5 | 109,7 | 107,6 | 108,2 | 107,7 |
| тамеки заттары | 112,2 | 111,9 | 109,7 | 109,7 | 110,2 | 111,0 | 111,8 | 111,1 | 110,9 |
| Кийим-кече жана бут кийим | 113,8 | 112,4 | 112,8 | 112,5 | 112,6 | 112,6 | 112,3 | 111,6 | 113,1 |
| кийим-кече | 112,1 | 111,2 | 111,1 | 111,2 | 111,7 | 111,7 | 111,4 | 110,8 | 111,6 |
| кийим тигүү үчүн материалдар | 112,7 | 112,8 | 112,7 | 112,9 | 113,7 | 114,1 | 112,4 | 112,0 | 109,3 |
| эр адамдар үчүн кийим | 111,5 | 110,6 | 111,5 | 111,2 | 110,9 | 109,1 | 108,8 | 108,4 | 108,0 |
| аялдар үчүн кийим | 111,8 | 111,2 | 111,0 | 111,3 | 112,4 | 110,9 | 111,7 | 111,2 | 112,4 |
| балдар жана ымыркайлар үчүн кийим | 112,9 | 111,6 | 110,1 | 110,3 | 110,7 | 115,3 | 113,8 | 112,5 | 115,3 |
| кийимди тазалоо, оңдоо жана прокатка берүү | 110,9 | 109,9 | 108,7 | 112,7 | 114,9 | 115,0 | 115,2 | 115,0 | 115,0 |
| ремонтун кошо алганда, бут кийим | 117,8 | 114,8 | 116,1 | 114,6 | 113,7 | 113,7 | 113,5 | 112,8 | 115,7 |
| эр адамдар үчүн бут кийим | 125,9 | 118,0 | 120,4 | 116,6 | 115,7 | 114,0 | 114,0 | 113,6 | 115,1 |
| аялдар үчүн бут кийим | 116,0 | 114,1 | 115,5 | 114,3 | 113,3 | 113,8 | 113,9 | 113,6 | 117,1 |
| балдар үчүн бут кийим | 112,0 | 113,3 | 112,3 | 113,2 | 112,8 | 113,2 | 111,9 | 109,7 | 112,0 |
| бут кийимди оңдоо | 110,4 | 107,9 | 114,4 | 113,4 | 113,2 | 110,8 | 110,8 | 110,8 | 114,2 |
| Турак-жай кызмат көрс-рү, суу, эл. энер-сы, газ ж-а башка отундар | 103,2 | 104,5 | 104,6 | 104,7 | 106,9 | 106,0 | 106,7 | 107,5 | 107,2 |
| турак-жай үчүн ижара төлөмү | 114,8 | 114,2 | 114,2 | 114,2 | 114,2 | 114,2 | 114,2 | 114,2 | 100,0 |
| турак-жайларды күтүү жана ремонттоо үчүн материалдар | 107,9 | 108,9 | 107,7 | 112,2 | 127,2 | 114,7 | 107,2 | 110,3 | 109,9 |
| кирпич | 99,8 | 101,1 | 99,3 | 103,0 | 113,6 | 103,3 | 99,8 | 99,4 | 102,1 |
| пиломатериалдар | 108,0 | 108,0 | 105,2 | 104,1 | 106,5 | 99,6 | 99,0 | 93,2 | 93,8 |
| цемент | 95,1 | 96,4 | 95,1 | 104,0 | 151,0 | 118,1 | 100,9 | 106,9 | 107,2 |
| терезеге салынуучу кесилбеген айнек | 107,3 | 109,5 | 109,5 | 107,2 | 108,6 | 104,9 | 105,5 | 105,9 | 98,7 |
| курулуш куму | 117,2 | 118,9 | 108,4 | 131,7 | 133,8 | 117,1 | 115,4 | 122,3 | 118,9 |
| шифер | 111,3 | 111,4 | 111,0 | 111,9 | 110,6 | 112,5 | 112,2 | 112,0 | 111,3 |
| турак-жайды күтүү жана ремонттоо боюнча кызмат көрсөтүүлөр | 95,7 | 95,7 | 95,9 | 103,8 | 103,2 | 130,2 | 132,9 | 129,3 | 130,4 |
| суу менен камсыз кылуу | 105,8 | 105,8 | 105,8 | 105,8 | 105,8 | 100,8 | 100,8 | 100,3 | 106,0 |
| электр энергиясы, газ жана башка отундар | 103,6 | 105,0 | 105,2 | 104,4 | 105,2 | 104,5 | 106,3 | 107,1 | 106,4 |
| газ | 99,9 | 101,4 | 101,3 | 103,0 | 104,0 | 102,0 | 102,4 | 102,6 | 100,3 |
| Тиричилик буюмдары жана тиричилик техникасы | 112,5 | 112,6 | 112,7 | 112,8 | 113,8 | 113,1 | 110,7 | 109,7 | 110,4 |
| үй эмеректери жана тактага төшөлүүчүлөр | 115,5 | 113,7 | 112,4 | 112,5 | 112,7 | 110,1 | 109,1 | 107,1 | 105,8 |
| тиричилик текстилдик буюмдар | 111,5 | 115,4 | 115,0 | 114,4 | 116,0 | 115,2 | 112,9 | 112,0 | 110,9 |
| тиричилик шаймандары | 110,7 | 110,1 | 113,7 | 114,5 | 114,3 | 116,6 | 115,1 | 114,1 | 115,3 |
| айнек буюмдар, ашкана жана тиричилик шаймандары | 107,5 | 110,0 | 109,8 | 110,3 | 111,0 | 110,2 | 106,2 | 108,3 | 114,6 |
| Саламаттыкты сактоо | 112,0 | 112,0 | 111,7 | 112,1 | 112,7 | 111,4 | 113,5 | 111,7 | 112,0 |
| Транспорт | 103,4 | 106,9 | 106,6 | 106,2 | 109,4 | 108,6 | 107,8 | 108,2 | 107,3 |
| автотранспортту сатып алуу | 99,4 | 99,7 | 99,4 | 96,8 | 97,8 | 100,9 | 101,8 | 102,4 | 101,2 |
| күйүүчү-майлоочу материалдар | 99,0 | 110,4 | 111,1 | 110,4 | 106,3 | 103,8 | 100,8 | 100,1 | 100,4 |
| бензин | 99,1 | 110,6 | 111,4 | 110,5 | 106,9 | 103,8 | 100,1 | 99,6 | 99,8 |
| дизель отуну | 104,8 | 115,4 | 116,2 | 116,0 | 105,3 | 106,7 | 108,5 | 106,0 | 106,7 |
| техн-лык кызмат көрс-лөр ж-а трансп. каражаттарын ремонттоо | 100,3 | 100,8 | 95,1 | 97,8 | 97,8 | 97,6 | 97,3 | 102,6 | 101,9 |
| транспорт кызмат көрсөтүүлөрү | 105,8 | 109,1 | 108,7 | 108,8 | 114,1 | 112,6 | 111,8 | 112,1 | 111,1 |
| Байланыш | 103,1 | 103,1 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,2 | 100,2 | 100,2 |
| Эс алуу, көңүл ачуу жана маданият | 111,6 | 111,9 | 111,3 | 112,3 | 110,1 | 110,2 | 109,1 | 108,6 | 109,9 |
| маданий иш-чараларды уюштуруу б-ча кызмат көрсөтүүлөр | 117,3 | 115,2 | 113,9 | 111,1 | 104,1 | 104,0 | 104,1 | 104,1 | 103,4 |
| газеталар, китептер жана кеңсе товарлары | 117,0 | 116,9 | 113,6 | 115,2 | 111,5 | 111,7 | 108,8 | 107,1 | 111,4 |
| Билим берүү | 116,0 | 114,9 | 114,8 | 114,8 | 114,5 | 114,6 | 111,9 | 111,9 | 111,8 |
| Ресторандар жана мейманканалар | 115,9 | 117,9 | 118,2 | 118,9 | 121,0 | 119,7 | 115,6 | 115,6 | 113,1 |
| коомдук тамактануу | 116,0 | 118,1 | 118,5 | 119,2 | 121,3 | 120,0 | 115,2 | 115,1 | 112,6 |
| мейманкана тейлөөлөрү | 110,0 | 108,2 | 108,1 | 108,5 | 110,0 | 104,4 | 130,2 | 129,9 | 132,0 |
| Ар түрдүү товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр | 106,4 | 107,3 | 107,5 | 106,6 | 107,1 | 106,9 | 106,1 | 105,8 | 109,0 |
| жеке тейлөө | 106,5 | 107,6 | 107,5 | 107,4 | 107,5 | 107,0 | 106,1 | 106,0 | 109,9 |
| башка категорияларга кирбеген жеке колдонуудагы буюмдар | 107,7 | 107,5 | 111,1 | 111,1 | 111,3 | 111,2 | 110,9 | 109,0 | 107,8 |
| башка категорияларга кирбеген кызмат көрсөтүүлөр | 99,0 | 97,7 | 95,9 | 75,6 | 86,3 | 90,8 | 90,8 | 90,8 | 90,8 |

*Булагы: КР УСК*

**3-таблица. Баалардын жана импорттун көлөмүнүн 2012-жылдын январь-август айлары үчүн баалардын жана физикалык көлөмдүн индекси**

| Товардын аталышы | *2012-ж. 8 ай млн. АКШ долл. n12*p12* | *2011-ж. 8 ай млн. АКШ долл. n12*p11* | *2011-ж. 8 ай млн. АКШ долл. n11*p11* | *Индекстер* | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | *баасы* | *физ. көлөмү* | *наркы* |
| | **A** | **B** | **C** | **A/B** | **B/C** | **A/C** |
| Мунай жана мунай заттары жана ушундай эле материалдар | 633,2 | 582,5 | 483,3 | 1,09 | 1,21 | 1,31 |
| Чоюн жана болот | 140,0 | 134,7 | 84,4 | 1,04 | 1,60 | 1,66 |
| Жүк ташуучу жана атайы багытка каралган автомобилдер | 118,6 | 192,0 | 67,5 | 0,62 | 2,84 | 1,76 |
| Дары-дармектер | 90,8 | 115,0 | 95,0 | 0,79 | 1,21 | 0,96 |
| Кант, кант кошулган азыктар жана бал | 63,8 | 73,9 | 67,8 | 0,86 | 1,09 | 0,94 |
| Дан эгиндери жана угут, тартылбаган шак | 61,9 | 96,2 | 44,0 | 0,64 | 2,19 | 1,41 |
| Эфир майлары, резиноиддер жана парфюмердик каражаттар | 54,8 | 51,9 | 49,5 | 1,06 | 1,05 | 1,11 |
| Газ абалындагы жаратылыш газы | 53,3 | 53,9 | 43,7 | 0,99 | 1,23 | 1,22 |
| Резина дөңгөлөктөрү | 48,1 | 29,2 | 30,9 | 1,65 | 0,95 | 1,56 |
| Электрлиниялык телефон же телеграф аппараттары | 47,9 | 37,9 | 52,4 | 1,26 | 0,72 | 0,91 |
| Кофе, чай, какао, таттуулар жана алар кошулган азыктар | 46,9 | 44,0 | 43,1 | 1,07 | 1,02 | 1,09 |
| Эт жана эт азыктары | 46,7 | 43,3 | 49,4 | 1,08 | 0,88 | 0,95 |
| Жер семирткичтер | 44,8 | 36,3 | 32,3 | 1,24 | 1,12 | 1,39 |
| Жасалма текстиль материалдарынан кездемелер | 43,6 | 42,8 | 39,6 | 1,02 | 1,08 | 1,10 |
| Кагаз, картон жана алардан жасалган буюмдар | 42,9 | 43,8 | 41,0 | 0,98 | 1,07 | 1,05 |
| Өсүмдүк майлары жана тоң майлар, сырье | 40,8 | 47,7 | 35,7 | 0,86 | 1,34 | 1,14 |
| Ийне жалб-туу өсүмдүк жыгачтарынын араалангany жана туурасынан кесилгени | 36,6 | 31,5 | 26,5 | 1,16 | 1,19 | 1,38 |
| Органикалык эмес химиялык заттар | 36,4 | 32,2 | 26,4 | 1,13 | 1,22 | 1,38 |
| Башка категорияга кирбеген тамак-аш азыктары жана препараттар | 34,2 | 24,2 | 26,1 | 1,41 | 0,93 | 1,31 |
| Синтетикалык материалдан жасалган бут кийим | 34,0 | 35,1 | 21,6 | 0,97 | 1,63 | 1,57 |
| Баштапкы формадагы пластмасса | 33,6 | 35,3 | 30,1 | 0,95 | 1,17 | 1,12 |
| Башка категорияларга кирбеген, баалуулукка жатпаган металлдар | 29,5 | 20,0 | 25,3 | 1,48 | 0,79 | 1,16 |
| Баштапкы эмес формада пластмасса | 26,7 | 26,3 | 19,0 | 1,01 | 1,38 | 1,40 |
| Конструкциялар жана анын башка категорияга кирбеген элементтери | 25,0 | 29,0 | 10,0 | 0,86 | 2,91 | 2,51 |
| Механикалык күрөктөр, экскаваторлор жана сузгуч жүктөгүчтөр | 24,8 | 35,5 | 14,2 | 0,70 | 2,49 | 1,74 |
| Тапталган жана калыбына келтирилген жыгачтар | 23,7 | 30,3 | 17,8 | 0,78 | 1,70 | 1,33 |
| Түс өзгөртүүчү жана ийлөөчү заттар, боектор | 22,8 | 18,6 | 15,1 | 1,23 | 1,23 | 1,50 |
| Дан эгиндеринен азыктар жана ундан же жер-жемиш крахмаларынан азыктар | 22,4 | 22,4 | 18,7 | 1,00 | 1,20 | 1,20 |
| Жашылча жана жемиштер | 21,0 | 16,8 | 23,2 | 1,25 | 0,72 | 0,91 |
| Алкоголдук ичимдиктер | 20,6 | 19,9 | 21,8 | 1,04 | 0,91 | 0,95 |
| Кант кошулган мин. суулар жана алкоголсуз суусундуктар | 19,6 | 18,7 | 17,7 | 1,05 | 1,06 | 1,11 |
| Көмүр, кокс жана брикеттер | 19,0 | 16,4 | 19,1 | 1,16 | 0,86 | 1,00 |
| Зымдан жасалган буюмдар жана тосмо торлор | 18,7 | 8,5 | 3,5 | 2,21 | 2,41 | 5,33 |
| Кесек жана майдаланган ун, буудай жана угут | 18,6 | 28,8 | 27,7 | 0,65 | 1,04 | 0,67 |
| Кол жана машина менен иштетилүүчү инструменттер | 18,4 | 20,4 | 15,2 | 0,90 | 1,34 | 1,21 |
| Башка категорияларга кирбеген электр бөлүштүргүч жабдуулар | 18,2 | 17,0 | 8,9 | 1,07 | 1,90 | 2,04 |
| Самолеттор жана башка учуучу аппараттар | 15,6 | 13,2 | 6,6 | 1,19 | 2,00 | 2,37 |
| Эр адамдар жана балдар үчүн шымдар, арчындама шымдар, чолок шымдар | 14,9 | 14,2 | 10,6 | 1,05 | 1,34 | 1,40 |
| Монетардык эмес алтын | 14,4 | 2,4 | 0,2 | 5,99 | 11,67 | 69,83 |
| Которуштуруу, иргөө жана түздөө үчүн машиналар | 14,2 | 254,8 | 8,0 | 0,06 | 31,68 | 1,76 |
| Электр трансформаторлор | 13,7 | 1,7 | 0,5 | 7,84 | 3,41 | 26,70 |
| Тиричилик муздаткычтары жана тоңдургучтар | 13,1 | 12,5 | 11,0 | 1,05 | 1,13 | 1,19 |
| Аялдар жана кыздар үчүн трикотаж же токулган кийимдер | 12,3 | 8,9 | 5,2 | 1,38 | 1,71 | 2,35 |
| Бургулоо үчүн башка машиналар | 11,9 | 2,9 | 3,7 | 4,15 | 0,77 | 3,19 |
| Эр адамдар жана балдар үчүн трикотаж же токулган кийимдер | 11,5 | 5,0 | 4,2 | 2,29 | 1,19 | 2,72 |
| Адамдарды ташууга каралган жеңил автоунаалар жана транспорт каражаттары | 11,4 | 15,5 | 13,6 | 0,74 | 1,14 | 0,84 |
| Маалымат-ды авт-тык түрдө иштеп чыгуучу машиналар жана алардын түйүндөрү | 10,5 | 11,5 | 10,3 | 0,91 | 1,11 | 1,02 |
| Батареялар жана электроаккумуляторлор жана алардын тетиктери | 10,4 | 4,7 | 6,1 | 2,20 | 0,77 | 1,70 |
| Шагылды, ташты, кендерди сорттоо, электен өткөрүү, бөлүштүрүү үчүн машиналар | 10,3 | 16,1 | 14,6 | 0,64 | 1,10 | 0,71 |
| Электроаккумуляторлор | 10,2 | 7,6 | 3,7 | 1,34 | 2,06 | 2,76 |
| Жылтыратылган керамикалык плиткалар | 10,2 | 11,0 | 7,7 | 0,93 | 1,43 | 1,32 |
| Аялдар жана кыздар үчүн үчүн шымдар, арчындама шымдар, чолок шымдар | 10,1 | 9,7 | 6,2 | 1,05 | 1,56 | 1,63 |
| Башка категорияларга кирбеген электр жылуулук жабдуулар | 10,1 | 8,1 | 7,3 | 1,25 | 1,12 | 1,39 |
| Тракторлор | 9,7 | 10,5 | 2,9 | 0,92 | 3,64 | 3,35 |
| Жыгач-булалуу плита | 9,6 | 9,3 | 8,3 | 1,04 | 1,11 | 1,16 |
| Сүт, каймак, май жана сырдан башка сүт азыктары | 9,3 | 9,4 | 6,6 | 1,00 | 1,41 | 1,41 |
| Жүк ташуу үчүн чиркегичтер жана жарым чиркегичтер | 9,0 | 10,3 | 4,3 | 0,87 | 2,36 | 2,06 |
| Өрткө чыдамдуу кирпич жана өрткө чыдамдуу башка курулуш материалдары | 8,9 | 2,5 | 0,5 | 3,53 | 4,77 | 16,84 |
| Маргарин жана жуурулган май | 8,8 | 9,1 | 8,9 | 0,97 | 1,02 | 0,99 |
| Суюктуктарды же газды фильтрлөөчү жана тазалоочу машиналар жана жабдуулар | 8,7 | 4,1 | 3,4 | 2,15 | 1,20 | 2,57 |
| Балыктардын түрлөрү | 8,7 | 7,8 | 7,1 | 1,11 | 1,10 | 1,22 |
| Башка категорияларга кирбеген, ар кандай химиялык продуктулар | 8,6 | 7,0 | 6,6 | 1,23 | 1,06 | 1,30 |
| Медициналык жана фармацевтикалык дары-дармектер | 8,6 | 9,2 | 9,6 | 0,93 | 0,96 | 0,90 |
| Кофталар, пуловерлер, күрмөлөр жана ушу сыяктуу трикотаж буюмдары | 8,5 | 6,9 | 8,4 | 1,22 | 0,82 | 1,00 |
| Мыктар, винтер, гайкалар, бурамалар, бөрктөп кадоо үчүн бурамалар ж.б.у.с. | 8,4 | 7,3 | 7,8 | 1,16 | 0,94 | 1,08 |
| Полго төшөлмөлөр | 8,0 | 7,4 | 7,2 | 1,08 | 1,03 | 1,12 |
| Башка минералдык сырье | 7,8 | 5,5 | 7,1 | 1,41 | 0,78 | 1,10 |
| Башка категорияларга кирбеген кен эместерден алынган буюмдар | 7,6 | 6,5 | 5,3 | 1,18 | 1,21 | 1,42 |
| Күрүч | 7,5 | 8,1 | 4,7 | 0,93 | 1,75 | 1,62 |
| Конкреттүү тармактардын машиналары жана механикалык жабдуулары | 7,2 | 10,2 | 3,1 | 0,70 | 3,28 | 2,30 |
| Инсектициддер, родентициддер, фунгициддер, гербициддер | 7,1 | 7,5 | 7,2 | 0,95 | 1,04 | 0,99 |
| Гончардык буюмдар | 7,1 | 7,2 | 5,5 | 0,99 | 1,30 | 1,28 |
| Башка категорияларга кирбеген электр байланыш жабдуулары | 7,0 | 2,5 | 1,2 | 2,74 | 2,17 | 5,96 |
| Минералдык майларга даяр кошулмалар | 6,7 | 6,4 | 5,5 | 1,04 | 1,17 | 1,22 |
| Шише идиштер; андан тыгындар | 6,7 | 10,1 | 8,4 | 0,66 | 1,20 | 0,80 |
| ***Жыйынтыгында номенклатура боюнча (млн. АКШ доллары)*** | **2 466,3** | **2 676,3** | **1 896,9** | **0,92** | **1,41** | **1,30** |
| ***Жыйынтыгында номенклатура боюнча (жалпы импорттон %)*** | ***75%*** | | ***75%*** | | | |
| ***Бардыгы болуп импорт*** | **3 278,6** | | **2 512,9** | | | |

УСКнын СИФ баасындагы маалыматтары боюнча; таблицада импорттун баштапкы 75 ири статьясы келтирилген
n- товардын импортунун физикалык көлөмү
p-товардын эсептешүү импорттук баасы

## 4-таблица. Баалардын индекси жана экспорттун 2012-жылдын январь-август айлары үчүн физикалык көлөмүнүн индекси

| *Товардын аталышы* | *2012-ж. 8 ай* | *2011-ж. 8 ай* | *2011-ж. 8 ай* | *Индекстер* | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | *млн. АКШ долл.* | *млн. АКШ долл.* | *млн. АКШ долл.* | *баасы* | *физ. көлөмү* | *наркы* |
| | *n12*p12* | *n12*p11* | *n11*p11* | | | |
| | **A** | **B** | **C** | **A/B** | **B/C** | **A/C** |
| Монетардык эмес алтын | 248,2 | 222,1 | 671,6 | 1,12 | 0,33 | 0,37 |
| Жашылча-жемиштер | 85,7 | 66,8 | 77,7 | 1,28 | 0,86 | 1,10 |
| Органикалык эмес химиялык заттар | 76,0 | 6,7 | 11,6 | 11,29 | 0,58 | 6,57 |
| Мунай, мунай заттары жана ушундай эле материалдар | 72,6 | 57,0 | 61,2 | 1,27 | 0,93 | 1,19 |
| Электр тогу | 43,9 | 39,1 | 59,6 | 1,12 | 0,66 | 0,74 |
| Рудалар жана баалуу металлдар концентраттары | 33,5 | 48,7 | 9,9 | 0,69 | 4,94 | 3,40 |
| Жүк ташуу үчүн автоунаалар жана атайын багытка каралган автоуналар | 23,1 | 19,1 | 7,5 | 1,21 | 2,55 | 3,09 |
| Көйнөктөр | 18,5 | 22,7 | 14,4 | 0,81 | 1,57 | 1,28 |
| Май жана сырдан тышкары сүт жана сүт азыктары | 17,8 | 20,6 | 19,0 | 0,87 | 1,09 | 0,94 |
| Блузкалар, кофталар жана кофта-блузкалар | 17,3 | 21,7 | 17,0 | 0,80 | 1,27 | 1,02 |
| Чоюн жана болот | 16,8 | 9,8 | 8,7 | 1,72 | 1,12 | 1,93 |
| Пахта | 16,7 | 18,4 | 5,5 | 0,91 | 3,35 | 3,04 |
| Шымдар, арчындама шымдар, бриджалар жана чолок шымдар | 14,8 | 16,7 | 11,7 | 0,89 | 1,42 | 1,27 |
| Ысытуу лампалары | 12,5 | 11,7 | 12,2 | 1,07 | 0,96 | 1,02 |
| Иштетиле элек тамеки; тамеки калдыктары | 10,4 | 9,1 | 9,3 | 1,15 | 0,98 | 1,13 |
| Пальтолор, кыска пальтолор, жамынгычтар жана ушундай эле кийимдер | 9,6 | 14,6 | 8,1 | 0,66 | 1,80 | 1,18 |
| Аялдар жана кыздар үчүн трикотаж же токулган буюмдар | 9,2 | 9,7 | 14,6 | 0,95 | 0,67 | 0,63 |
| Токулган байпактар | 9,2 | 11,3 | 5,3 | 0,82 | 2,13 | 1,74 |
| Металлургияда колдонулуучу баалуулукка жатпаган түрдүү металлдар | 8,9 | 9,9 | 4,5 | 0,90 | 2,19 | 1,97 |
| Металл сыныктары жана баалуулукка жатпаган түстүү металлдар | 7,5 | 6,3 | 6,5 | 1,20 | 0,96 | 1,15 |
| Портландцемент, цемент | 7,2 | 6,8 | 4,8 | 1,06 | 1,41 | 1,50 |
| Юбкалар жана юбка-шымдар | 7,1 | 9,0 | 7,9 | 0,79 | 1,15 | 0,90 |
| Кагаз, картон жана алардан жасалган буюмдар | 6,7 | 6,1 | 5,6 | 1,10 | 1,09 | 1,19 |
| Эр адамдар жана балдар үчүн шымдар, арчындама шымдар, бриджалар жана чолок шымдар | 6,2 | 7,1 | 6,9 | 0,87 | 1,04 | 0,90 |
| Резина дөңгөлөктөрү | 5,2 | 3,8 | 6,6 | 1,35 | 0,58 | 0,79 |
| Металл сыныктары жана кара металл калдыктары | 5,0 | 4,8 | 9,7 | 1,04 | 0,50 | 0,52 |
| Тирүү жандыктар | 5,0 | 3,3 | 4,9 | 1,51 | 0,68 | 1,02 |
| Кол менен машина менен иштетилүүчү инструментер | 4,4 | 5,2 | 5,9 | 0,84 | 0,89 | 0,75 |
| Адамдарды ташуучу жана атайы багытка каралган автоунаалар жана транспорт каражаттары | 4,2 | 4,4 | 2,8 | 0,96 | 1,56 | 1,49 |
| Башка категорияга кирбеген, тамак аш азыктары жана препараттар | 3,6 | 0,3 | 2,6 | 13,82 | 0,10 | 1,37 |
| Ири мүйүздүү малдын же аттын терилеринен булгаарылар жана иштетиле элек терилер | 3,2 | 2,5 | 2,5 | 1,27 | 1,00 | 1,27 |
| Май жана башка тоң майлар жана сүттөн алынган майлар | 3,1 | 3,2 | 1,9 | 0,97 | 1,66 | 1,62 |
| Дан азыктарынан, ундан жана жашылча-же жемиш крахмалдарынан жасалган азыктар | 3,1 | 2,8 | 2,3 | 1,08 | 1,24 | 1,35 |
| Эт жана эт азыктары | 3,0 | 1,9 | 1,8 | 1,56 | 1,07 | 1,67 |
| Кофе, чай, какао жана алардан жасалган таттуу азыктар | 3,0 | 2,6 | 2,5 | 1,15 | 1,04 | 1,19 |
| ***Жыйынтыгында номенклатура боюнча (млн. АКШ доллары)*** | **555,6** | **461,9** | **674,4** | **1,20** | **0,68** | **0,82** |
| ***Жыйынтыгында номенклатура боюнча (жалпы импорттон %)*** | ***87%*** | | ***90%*** | | | |
| ***Бардыгы болуп импорт*** | **636,1** | | **748,8** | | | |

УСКнын кошумча баалоолорусуз ФОБ баасындагы маалыматтары боюнча; таблицада экспорттун баштапкы 35 ири статьясы келтирилген.
n- товардын экспортунун физикалык көлөмү
p-товардын эсептешүү экспорттук баасы

## Глоссарий

**Акча базасы** – Улуттук банктын жүгүртүүгө чыгарылган нак акча каражаттары боюнча милдеттенмелери жана Улуттук банктын Кыргыз Республикасынын улуттук валютадагы башка депозиттик корпорациялар алдындагы милдеттенмелери.

**Акча топтому** – ликвиддүүлүк деңгээли боюнча классификацияланган акча массасы: М0; М1; М2; М2Х.

**М0** – банктардан тышкаркы акча.

**М1** – М0 + талап боюнча төлөнүүчү улуттук валютадагы депозиттер.

**М2** – М1 + улуттук валютадагы мөөнөттүү депозиттер.

**М2Х** – М2 + чет өлкө валютасындагы депозиттер.

**Базалык инфляция –** баанын кыска мөөнөттүү, структуралык жана сезондук өзгөрүүлөрүн эске албаган инфляция катары аныкталат. Башкача айтканда, инфляция көрсөткүчүн эсептөөдөн (начар түшүмдүн алынышы, КММ рыногунда баа таасири, газга жана электрэнергиясына ж.б. тарифтердин административдик өзгөртүлүшү сыяктуу) сезондук же тышкы факторлор менен шартталган, товарларга баанын өсүшү алынып салынат.
Улуттук банк базалык инфляция динамикасын жөнөкөй алып салуу ыкмасында эсептейт. Бул ыкма КБИден аларга белгиленген баа ар кандай таасирлерге өтө эле ийкемдүү болгон товарлар жана кызмат көрсөтүүлөрдүн айрым категорияларын же бүтүндөй тобун алып салууну түшүндүрөт. Адатта, мындай товарларга айрым азык-түлүк товарлары, энергопродукциялары жана Өкмөт тарабынан административдик жол менен белгиленген тарифтер кирет.
2010-жылдын апрелинен тартып Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети базалык инфляцияны жөнөкөй алып салуу ыкмасы менен эсептөөнү баштаган (2010-жылдын 29-апрелинде бекитилген №9 ыкмага ылайык). Эсептөөдө сүт, кант, мөмө-жемиш жана алкоголдук - тамеки продукциялары, КММ, «электрэнергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү» товардык тобу, жүргүнчүлөрдү ташуу транспортунун кызмат көрсөтүүлөрү, байланыш жана башкалар. бүтүндөй алганда алынып салынуучу товарлардын үлүшү жалпы керектөө куржунунун 25 пайызын түзөт.

**Башка депозиттик корпорациялар –** бул, борбордук банктан тышкаркы, бардык финансылык корпорациялар – резиденттер, финансылык ортомчулук алардын ишинин негизги түрү болуп саналат жана алар кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын (М2Х) улуттук аныктамасына кирген милдеттенмелерди эмитирлешет.

**Жөнгө салуунун калыбына келтирилген мамлекеттик казына векселдери** – бул, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Улуттук

банк алдындагы карызын кайра тариздөөнүн натыйжасында, Финансы министрлиги тарабынан чыгарылган жүгүртүү мөөнөтү 3, 6 жана 12 айлык купондук баалуу кагаздар. Бул баалуу кагаздарды калыбына келтирүү төмөнкүчө: Улуттук банктын портфелиндеги МКВ(ж)лардын төлөө күнүндө Финансы министрлиги бир эле учурда төлөө менен бирге, төлөнгөн баалуу кагаздардын санына барабар санда, Улуттук банктын пайдасына МКВ(ж) лардын жаңы сериясын чыгарат.

**Жүгүртүүдөгү акча** – Улуттук банктын кассасындагы нак акчаларды эсептеп алып салуу менен Улуттук банк тарабынан жүгүртүүгө чыгарылган нак акча.

**Инфляция** экономикада керектөө баасынын жалпы деңгээлинин жогорулоосун түшүндүрөт. Инфляция деңгээлине сандык баа берүү үчүн керектөө баасынын индекси (КБИ) колдонулат. КБИ калайык-калк өндүрүштүк эмес керектөө үчүн сатып алган товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө баа деңгээлинин өзгөрүүсүн чагылдырат. Индексти эсептөөдө тандалып алынган 342 товардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн сатып алуу баасы колдонулат, тандалып алынгандар 7 шаардык жана 2 райондук борборлордогу соода жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн 1496 ишканаларына айына 45 миң баага чейинкини түзөт.

**Ички дүң продукциянын дефлятору** – бул, экономикадагы баалардын өсүшү эсебинен ИДӨдөгү өзгөрүүлөрдү мүнөздөгөн, экономика тармактарынын бааларынын жыйынтыктап алынган индекси. ИДӨнүн дефлятору өтүп жаткан жылдын баасындагы номиналдык ИДӨнүн өткөн жылдын баасындагы ИДӨнүн өлчөмүнө карата катышы катары эсептелинет.

**Калайык-калктын акчалай кирешелеринин квинтилдик топтор боюнча түзүмү** калктын кирешелеринин өлчөмү боюнча, алардын ар бири калктын 20 пайызынан турган 5 (квинтилдик) топтор боюнча дифференциацияланышын чагылдырат. Калктын кирешелерин дифференциациялоону аныктоонун мындай ыкмасы, калктын жалпы санын мисалы, коомдун жалпы кирешесин кирешеси көбүрөөк же аз кирешелүү топторго кирген калктын үлүшүнө бөлө алгандай негизде, беш бирдей топко бөлүүнү болжолдойт.

**Мамлекеттик бюджеттин операциялык ишке чыгашалары** – бул, финансылык эмес активдерди сатып алуу боюнча операцияларды кошпогондо, мамлекеттик башкаруу секторунун активдеринин таза наркынын азайышына алып келген бардык операциялар.

**Мамлекеттик казына векселдери** – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кыска мөөнөттүү (3, 6 жана 12 айлык) дисконттук баалуу кагаздары. Финансы министрлиги МКВлардын эмитенти болуп саналат. МКВларды

жайгаштыруу Улуттук банк тарабынан өткөрүлгөн аукциондор аркылуу жума сайын ишке ашырылат. Тике катышуучулар аукциондорго катышуу укугуна ээ (Улуттук банк менен келишим түзүшкөн алгачкы дилерлер, финансы-кредиттик мекемелер). Юридикалык жактар сыяктуу эле, жеке адамдар дагы Кыргыз Республикасынын МКВларынын ээси боло алышат. Чет өлкө инвесторлорунун МКВлар рыногуна кирүү мүмкүнчүлүгү чектелген эмес. МКВлардын экинчилик рыногундагы бүтүмдөр Улуттук банктын электрондук соода системасы аркылуу жүзөгө ашырылат, ал алгачкы дилерлерге жана алардын кардарларына МКВларды өз жумуш ордуларынан сатып алуу/сатуу боюнча операцияларды жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк түзөт.

**Мамлекеттик казына облигациялары** – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн пайыздык кирешеси (купон) жана жүгүртүү мөөнөтү 1 жылдан жогору болгон узак мөөнөттүү мамлекеттик баалуу кагаздар. Финансы министрлиги МКОнун эмитенти болуп саналат. Улуттук банк, МКОнун чыгарылыштарын тейлөө боюнча Генералдык агенттик болуп саналат.

**Ноталар** – бул, Улуттук банк тарабынан 7, 14, 28, 91 жана 182 күндүк мөөнөткө жумалык аукциондордо жүгүртүүгө чыгарылган мамлекеттик кыска мөөнөттүү баалуу кагаздар. Алардын кирешелүүлүгү коммерциялык банктардын талабы жана сунушуна жараша аныкталат. Банк тутумунан улуттук валютадагы ликвиддүүлүктү алып салуу, ноталардын аукциондорун өткөрүү максаты болуп саналат.

**«Овернайт» кредити** улуттук валютада күрөөлүк камсыздоо алдында, банктын кыска мөөнөттүү ликвиддүүлүгүн колдоо үчүн бир күнгө берилет. Күрөөлүк камсыздоо катары Кыргыз Республикасынын Улуттук банк аркылуу жайгаштырылган, «овернайт» кредити берилген күндөн тартып 12 айга чейинки төлөө мөөнөтүнө ээ, мамлекеттик баалуу кагаздары кабыл алынат. Алар боюнча пайыздык чен Улуттук банктын эсептик ченинен 1,2 өлчөмүндө белгиленет. Бул кредит коммерциялык банктын демилгеси боюнча берилип турат.

**Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси** – жергиликтүү өндүрүүчүлөр тарабынан өз продукцияларынын алынган сатуу баасындагы орточо өзгөрүүлөрдү өлчөйт. КБИ эсептөөлөрүндө колдонулган маалыматтар экономиканын өндүрүш секторунун дээрлик ар бир тармагынын ишин чагылдырган 148 ишканадан алынат. Бул ишканалардын тизмесине тиешелүү регионго мүнөздүү болгон жана менчик формасынан көз карандысыз ошол өнөр-жай тармагы үчүн типтүү болгон ишканалар кирет.

**Өндүрүштүк ажырым (же ИДӨ ажырымы)** – бул, ИДӨнүн потенциалдуу мүмкүн болуучу жана айкын көлөмүнүн ортосундагы айырма. Өндүрүштөгү ажырым экономиканы активдештирүү жана стагнациялоо индикатору

болушу мүмкүн. Эгерде айкын ИДӨ потенциалдуудан аз болгон шартта (Y<Y*), экономикада «рецессия ажырымы» түптөлгөн деп эсептөө кабыл алынган, ал дефляциялык процесстердин болушунун ыктымалдуулугун көрсөтөт. Ал эми тескерисинче, айкын ИДӨ потенциалдуудан чоң болгон (Y>Y*) шартта, чогуу алгандагы суроо-талаптын өсүшү чогуу алгандагы сунуштун өсүшүнөн артат, бул инфляциялык басымдын күчөшүнө түрткү берет.

**Своп-операциялар** – бул, улуттук валютадагы акча каражаттарын чет өлкө валютасындагы эквиваленттүү суммага алмашуу, же тескерисинче алдын ала макулдашылган шарттарда негизги суммаларды жана чегерилген пайыздарды кайтара алмашуу милдеттенмеси менен ишке ашырылган операциялар.

**Улуттук банктын репо-операциялары** – бул, мамлекеттик баалуу кагаздарды келечекте белгиленген күнү жана алдын-ала макулдашылган баада кайтара сатуу/сатып алуу милдеттенмеси менен сатып алуу (тике репо)/сатуу (кайтарым репо) операциясы.

**Финансылык эмес активдер** экономикалык активдердин төмөнкү категорияларын өзүндө камтыйт: негизги фондулар, материалдык жүгүртүү каражаттарынын запастары, баалуулуктар жана өндүрүлбөгөн активдер (табигый жана материалдык эмес).

**Эсептик чен** – бул, экономикадагы акча ресурсунун наркын аныктоо үчүн негизги ориентир катары пайдаланылган каражат. Эсептик чендин өлчөмү, Улуттук банктын ноталарын жайгаштыруу боюнча акыркы төрт аукциондогу банктын 28 күндүк ноталарынын кирешелүүлүгүнүн орточо белгисине теңештирилген.

**GSCI-ag** (Goldman Sachs Commodity Index-agricultural) – физикалык азык-түлүк (айыл-чарба) товарларына жигердүү сатылуучу фьючерстик контрактылардын баа индекси – бул биржалык товарларды топ катары көрсөтүү үчүн «Goldman Sachs» инвестициялык банкы тарабынан иштелип чыккан.

## Кыскартылган сөздөрдүн тизмеси

| | |
|---|---|
| ИДӨ | Ички дүң өнүм |
| МКВ | Мамлекеттик казна векселдери |
| МКВ (ж) | Жөнгө салуунун калыбына келтирилген мамлекеттик казына векселдери |
| МКО | Мамлекеттик казна облигациялары |
| МИ | Мамлекеттик ишкана |
| КММ | Күйүүчү-майлоочу материалдар |
| МБК | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик бажы кызматы |
| ДКН | Дүң кошумча нарк |
| КБИ | Керектөө бааларынын индекси |
| ӨБИ | Өндүрүүчүлөрдүн баа индекси |
| АКЖК | Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети |
| КР | Кыргыз Республикасы |
| АЧМ | Айыл-чарба министрлиги |
| КР УБ | Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы |
| ҮЧТКУ | Үй чарбасын тейлеген коммерциялык эмес уюмдар |
| УСК | Улуттук статистика комитети |
| БФКМ | Банктык эмес финансы-кредиттик мекеме |
| ЖЧК | Жоопкерчилиги чектелген коом |
| СИФ | Импортердун чек арасындагы баа (cost, insurance, freight) |
| КМШ | Көз карандысыз Мамлекеттер шериктештиги |
| АКШ | Америка Кошмо Штаты |
| СФРБ | Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду |
| ФОБ | Экспортер өлкөнүн чек арасындагы баа (free on board) |
| GSCI-ag | Goldman Sachs Commodity Index-agricultural |